**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д. 10. 16.525 ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:3 98.5 (575.2) (043.3)**

**ОРОЗОВА ГҮЛБАРА ЖАЛАЛОВНА**

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПОЭМАЛАРЫНЫН ИСТОРИЗМИ ЖАНА ЖАНРДЫК ЖАҢЫЛАНУУ (ЖАНР. СЮЖЕТ. ИСТОРИЗМ)

Адистиги 10.01.09 – фольклористика

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2017**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун фольклор жана акындар поэзиясы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий консультант:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Байгазиев Советбек Орозканович**

филология илимдеринин доктору, профессор
**Матыжанов Кенжехан Исламжанулы**

филология илимдеринин доктору, профессор
**Керим Шамшадин Турсынулы**

***Жетектөөчү мекеме:*** Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов атындагы проспект, 27.

Диссертациялык иш 2017-жылы 28-июнда саат 13.00дө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук илимий даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д. 10.16.525 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720071, Бишкек шаары , Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен КР Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары , Чүй проспектиси, 265а.

Автореферат 2017-жылдын 26-майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Коомдук аң-сезимдин бир формасы болгон элдик фольклор жаралуу, өсүп-өнүгүү, калыптануу сыяктуу узак тарыхый эволюциялык жолду басып өтөт. Кыргыз фольклорунун көптөгөн доорлорду өз ичине камтыган бай корунун ичинде *элдик поэмалар* деген көлөмдүү бөлүгү бар. Эпикалык жанрдын бир салаасы болгон элдик поэмалар кыргыз элинин өз топурагында жаралган, элдик фольклорунан өнүп чыккан, азыктанган, оозеки поэзиядагы салттуулуктун бардык көрүнүштөрүн, касиет-сапаттарын өз боюна сиңирген көркөм сөз искусствосу болуп эсептелет. Алар кыргыз тарыхы менен тыгыз карым-катышта өнүгүп, маданий, саясий, коомдук, социалдык-турмуштук көрүнүштөрүн чагылдырган.

Элдик поэмалардын генетикасы эпикалык жанрдын эпос, жөө жомок сыяктуу жанрдык түрлөрү менен тыгыз байланышта болгондуктан теориялык маселелери да эпикалык жанрга мүнөздүү проблемалар менен синкреттүү каралат. Кыргыз фольклористика илиминде «Манас» баштаган эпикалык жанрдын курамына кирген түрлөрдүн бардыгынын кайсы бир проблемасы боюнча изилдөөлөр жүрүп, өздүк фольклорубузга таандык теориялык маселелер бир топ такталган десек болот. Бул жагдай эпикалык жанрга тиешелүү жалпы маселелерди чечүүдө жол көрсөтүп, методологиялык негиз болору чындык. Ал эми элдик поэмалардын өзүнүн жеке табияты, композициялык түзүлүшү, сюжети, образдар системасы, окуяны чагылдыруу ыкмасы, бир сөз менен айтканда поэманын өзүнүн «морфологиясы» бар. Эпостор менен жалпылыгы да, өзгөчөлүгү да бар мына ушул поэма жанрынын бардык касиет-сапатын ачып көрсөтүү үчүн изилдөөнүн тарыхый-обзордук, илимий аналитикалык, адабий-теориялык, салыштырма-тарыхый, типологиялык жана фольклорго эволюциялык мамиле, диахрондук жана синхрондук мамиле сыяктуу методдорду талап кыларын көрдүк. Бир караганда поэма жеңил жанр көрүнгөн менен иш жүзүндө анын теориялык маселелери алда канча татаал. Айрыкча жанрдын ички жаңылануу проблемасы, тарыхый чындыктын оозеки чыгармадагы чагылдырылыш деңгээли, жанрдык түрлөрдөгү жалпылык жана айырмачылык, негизги образдын иштелиши, фольклор менен тарыхтын катышы сыяктуу проблемалар түрдүү кырдаалдан кароону талап кылат.

Маселен, фольклордук чыгармалардагы историзм (тарыхыйлык) маселеси боюнча советтик фольклористика илиминде өзүнчө мектеп

түзүлүп, анын негиздөөчүлөрү В.М.Жирмунский, А.Н.Веселовский, В.В.Радлов, Б.Н.Путилов, П.А/Гринцер, А.А.Потебня, С.Ю.Неклюдов, Г.А.Левинтон, В.Я.Пропп, Е.М.Мелетинский, Х.Г.Короглы, У.Б.Далгат, Е.Б.Вирсаладзе өңдүү ири арымдагы чоң окумуштуулар болгон.

Советтик фольклористика илиминин методдорун, методологиялык негиздерин жетекчиликке алуу менен кыргыз эпикалык жанрындагы историзм маселеси XX кылымдын экинчи жарымынан баштап колго алынган. Айрыкча «Манас» жана кенже эпостордун тарыхыйлуулугу боюнча бир топ салмактуу, аргументтүү иштер жазылган. Ошентип кыргыз фольклористика илиминде историзмдин проблемаларына С.Мусаев, Р.З.Кыдырбаева, Ж.Суванбеков, М.Мамыров, Б.Кебекова, С.Закиров, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, З.Мамытбеков, И.Молдобаев, Т.Абдыракунов, А.Акматалиевдер кайрылып, өздөрүнүн изилдөөлөрүндө историзмдин кайсы бир маселелери боюнча жазышкан. А бирок, жеке поэма жанрына келгенде бул маселе дың бойдон турганы, комплекстүү изилдөө жүрө электиги баарыбызга маалым. Аталган проблема боюнча Т.Абдыракунов «Ак Мактым» [Абдыракунов Т. Ак Мактым/Адабий изилдөө. – Ф.: Кыргызстан, 1983], Б.Кебекова «Шырдакбек», «Ак Мөөр» [Кебекова Б. Ахмедов О. Шырдакбек чыгармасынын фольклордук жана тарыхый негизи./ «Эл адабияты» сериясынын 12-тому. – Б.: Шам, 2002. – 5–28-беттер; Кебекова Б. «Ак Мөөр» поэмасынын тарыхый негизги жана фольклордо чагылыш өзгөчөлүгү. / «Эл адабияты» сериясынын 22-тому. – Б.: Шам, 2003. – 321–338-беттер.], А.Акматалиев «Тайлак баатыр» [Акматалиев А. Тайлак баатыр./ «Эл адабияты» сериясынын 15-тому. – Б.: Шам, 2002. – 155–169-беттер.] поэмаларынын сюжетинин жана баш каармандардын тарыхый негизги боюнча изилдөө жүргүзүшкөн. Көрсөтүлгөн изилдөөлөрдө ошол бир гана чыгарманын айланасында кыскача сөз болуп, жалпы теориялык маселелер кеңири каралган эмес. Жалпысынан алганда деле кыргыз фольклористика илиминде элдик поэмалардын варианттары, тематикасы, сюжети, айтуучулук өнөр сыяктуу көркөмдүк өзгөчөлүгүнө байланыштуу маселелер айрым-айрым каралган. Башка проблемалары боюнча комплекстүү, фундаменталдуу теориялык эмгек жазыла элек. Ушул жагдайлар изилдөөгө аргумент болуп, улуттун элдик баалуу, бай, тарыхый көркөм мурастарынан болгон элдик поэмалардын жогоруда көрсөтүлгөн проблемаларын изилдөөнү максатка ылайык деп таптык.

Биздин изилдөөдө элдик поэмалардын жанрдык, сюжеттик өзгөчөлүгү, историзми жана жанрдык жаңылануу проблемасы

туурасында сөз жүрөт. Аталган маселе боюнча кыргыз элинин *нукура, төл поэмаларын* тарыхый жактан жана башка тарыхый өзгөрүштөр менен байланышта, ошондой эле тарыхтын конкреттүү тажрыйбалары менен бирге караганга аракет кылдык. Ошондуктан кайсы бир маселенин негизги тарыхый байланыштарын, өзүнүн өнүгүшүндө кайсы тарыхый доорлорду, баскычтарды басып өткөнүн, кайсы белгилүү тарыхый көрүнүш болгонун карап, бүгүн ошолор кантип өзгөрдү, көркөм чыгармада ал маселелер кандай даражада чагылдырылды деген маанилүү маселелер зарыл критерийлердин бири болду.

Кыргыз поэмалары бир типтүү эмес. Алар жаралган доору, жанрдык түрлөрү, сюжети, тематикасы, идеялык багыты, образдар системасы боюнча да бири-биринен кескин айырмаланып турат. Буга чейин кыргыз поэмаларынын историзми атайын комплекстүү изилдөө объектисине алынган эмес. Ошол себептен *поэмалардын историзминин типологиясы дагы, ага мүнөздүү критерийлери дагы, принциптер дагы* аныкталган эмес. Ошондой эле иштин жүрүшүндө, ар бир чыгарманы анализдеген учурда поэма жанрынын жаңылануу процесси да каралды. Жанрдык жаңылануу дегенде:

а) эпостон кийинки жаңы түрдүн, жанрдын – поэма жанрынын пайда болушун;

б) башатын жомок, уламыш, легенда, кошок, арман, тарыхый ыр, тарыхый окуя деген фольклордук майда жанрлар түзүп, бара-бара узак мезгилди камтыган коллективдик жана индивидуалдык чыгармачылыктын натыйжасында поэмага айланышын;

в) жанрдын түрдүү тарыхый катмарларды өз ичине камтып, ошонун негизинде турмуштук-социалдык, тарыхый-баатырдык жана тарыхый деген түрлөрдүн жаралышын түшүнөбүз.

Демек, жанрдык жаңылануу, жанрдын ички өнүгүшү деген сюжет түзүү, контаминация фольклордун башка жанрларынын чыгармадан орун алышы, сиңирилиши, тарыхый окуялардын трансформацияланышы сыяктуу проблемаларды камтыйт.

Диссертациялык иште ушул айтылган маселелерди мүмкүн болушунча кароого аракет кылдык.

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз улуттук фольклористика илиминин өнүгүшү менен анын түрдүү проблемаларын изилдөө учурдагы зарылдыкты шарттайт. Историзм – фольклористика илиминдеги маанилүү методологиялык принциптердин бири жана ал кеңири, көп кырдуу түшүнүк. Кыргыз элдик поэмаларынын табиятын, тарыхый жактан жаралуу, өсүп-өнүгүү, калыптануу процессин,

фольклордогу ордун анализдөө, поэмалардын историзмине байланыштуу проблемаларын жана историзмдин принциптеринин типологиясын аныктоо, аларга мүнөздүү критерийлерди белгилөө иштери теманын актуалдуулугун көрсөтөт. Мындан сырткары жанрдык жаңылануну илимий-теориялык жактан негиздөө да актуалдуу проблемалардан экени талашсыз.

**Диссертациянын темасынын илимий мекеменин илимий программалары, негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий-изилдөө иштерине дал келет жана анын илимий темалары, проблемалары менен тыгыз байланышта аткарылган.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институнун Кол жазмалар фондусунда сакталып турган элдик поэмалардын кол жазмалары жана «Эл адабияты» сериясына, өз алдынча жыйнак болуп чыккан, газета – журналдарга жарык көргөн «Муңдук, Зарлык», «Карагул ботом», «Жалайыр жалгыз», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр», «Эр Эшим», «Гүлгаакы», «Сейитбек», «Ак Мактым», «Кулмырза менен Аксаткын», «Ак Мөөр», «Ак Бермет», «Качкан кыз», «Балбай», «Алп Тобоок» элдик поэмаларынын тексттери изилдөөнүн объектиси, ал эми кыргыз элдик поэмаларынын жанрдык түзүлүшүнүн эволюциясы жана тарыхый типологиясынын калыптанышы иштин предмети болду.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Кыргыз элдик поэмалары менен тарыхтын, коомдук турмуштун байланышын ачып көрсөтүү жана поэмалардын тарыхый өнүгүш эволюциясындагы жанрдык жаңылануу процессин анализдөө диссертациялык иштин максатын жана милдетин аныктайт. Диссертациялык иште төмөнкүдөй максаттар жана милдеттер коюлган:

- Элдик поэмаларды жыйноо, жазып алуу, изилдөө иштерине жалпы мүнөздөмө берүү.
- Поэма жанрынын өзгөчөлүгүн, табиятын ачып көрсөтүү.
- Элдик поэмалардын жаралган доорун, өсүп-өнүгүшүн, калыптанышын аныктоо.
- Элдик поэма жанрынын тарыхый өнүгүшүнө, жанрдын жана жанрдык түрлөрдүн сюжеттик өзгөчөлүгүнө, көркөмдүк насилине, жанрдын ички касиет-сапатына, табиятына карай классификациялоо.

- Историзм маселесинин методологиялык негиздерин, топтолгон тажрыйбаларын жетекчиликке алуу менен историзмге мүнөздүү принциптердин типологиясын, историзмдин түрлөрүн ачып көрсөтүү.
- Поэмаларга мүнөздүү историзмдин типологиялык принциптерин белгилөө жана ар бир түргө мүнөздүү жактарын, чен-өлчөмүн көрсөтүү.
- Чыгармалардын мазмунун, образдар дүйнөсүн анализдөө аркылуу тарыхый чындыктын даражасын көрсөтүү.
- Социалдык-турмуштук поэмалардын тарыхый башатын анализдөө. Бул түрдөгү поэмалардагы сюжет түзүүчү мотивдерди (архаикалык, тарыхый, турмуштук) аныктоо. Мотивдер аркылуу чыгарманын тарыхый негизин иликтөө.
- Тарыхый-баатырдык поэмалардагы историзм. Тарыхый чындык менен көркөм чындыктын катышын кароо.
- Тарыхый поэмалардагы историзм. Реалдуулуктун көркөм чыгармадагы интерпретацияланышы.
- Кыргыз элдик поэмаларындагы мотивдер поэмалардын тарыхый негизин аныктоочу негизги фактор экенин жана жанрдын өнүгүшүнүн, түр өзгөрүшүнүн мыйзам – ченемдүү критерийи экенин белгилөө.
- Поэма жанрынын сюжет түзүү, контаминация, фольклордун башка жанрларынын сюжеттин пайда болушундагы көркөм функциясы, тарыхый окуялардын трансформацияланышы сыяктуу жанрдын ички түрлөрүнүн жаралышын жана жаңыланышын шарттаган көркөмдүк системасын илимий жактан негиздөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иште биринчи жолу элдик поэмалар толугу менен анализге алынып, системалуу көркөм процесс катары каралды. Элдик поэмалар классификацияланып, ошол тартипте изилдөөгө алынды. Поэмалардын историзми жана жанрдык жаңылануу проблемасы биринчи ирет монографиялык түрдө изилденди.

**Илимий иштин теориялык жана методологиялык негизи.**

Эпикалык жанрдагы историзм маселеси боюнча эмгектенген СССР окумуштууларынын (В.М.Жирмунский, А.Н.Веселовский, В.В.Радлов, Б.Н.Путилов, П.А.Гринцер, А.А.Потебня, С.Ю.Неклюдов, Г.А.Левинтон, В.Я.Пропп, Е.М.Мелетинский, Х.Г.Короглы, У.Б.Далгат, Е.Б.Вирсаладзе, Ч.Валиханов, М.Ауэзов, А.Коңыратбаев, Р.Бердибаев, Ш.Ибраев, Х.Т.Зарифов ж.б.) жана кыргыз фольклорист окумуштууларынын (С.Мусаев, Р.З.Кыдырбаева, Ж.Суванбеков, М.Мамыров, Б.Кебекова, С.Закиров, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, К.Кудайбергенов, З.Мамытбеков, И.Молдобаев, Т.Абдыракунов, А.Акматалиев) илимий теориялык эмгектери изилдөөгө

методологиялык негиз болду. Ошондой эле фольклористика илиминдеги салыштырма-тарыхый, типологиялык жана фольклорго эволюциялык мамиле сыяктуу методдор пайдаланылды.

Мындан сырткары тарыхый даректерди тактоодо С.М.Абрамзон, Абулгазы, В.В.Бартольд, М.А.Салехеддинова, И.Я.Златкин, Б.Солтоноев, Ш.Б.Чимитдоржиев, Шах Махмуд Чорос, В.С.Кузнецов, В.Мокрынин, В.М.Плоских, Д.Сапаралиев сыяктуу окумуштуу-тарыхчылардын эмгектери таяныч болду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин теориялык жыйынтыктары фольклористика илиминин өнүгүшүнө өз салымын кошот. Ушул проблемалар боюнча иштеле турган кийинки изилдөөлөргө багыт берүүчү милдетти аткарат. Изилдөө кыргыз поэмаларынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө, жанрдын жаралуу шарттарын аңдоого, элдик поэмалардын историзми боюнча маанилүү теориялык маалымат алууга кызмат кылат.

Иштин практикалык жагын алсак, мектептерде, жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятынын тарыхы, элдик оозеки чыгармачылык боюнча өтүлө турган лекция, семинардык сабактарда, атайын курстарда бул изилдөөнү кошумча материал катары кеңири пайдаланууга болот. Ошондой эле фольклористика адистиги боюнча аспиранттардын, изилдөөчүлөрдүн илимий иштерине теориялык жана практикалык мааниси бар.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор.**

- Кыргыз элдик поэмалары оозеки чыгармачылыктын орчундуу бир бөлүгү болуу менен тарыхтын байыркы доорлорунан баштап XX кылымга чейинки кыргыз көчмөн цивилизациясынын турмуш-тиричилигин, башынан кечирген тарыхый окуяларын, жашоо образын, каада-салттык көрүнүштөрүн, дүйнө таанымын чагылдырып, оозеки поэзиядагы салттуулуктун бардык касиет-сапаттарын өз боюна сиңирген көркөм сөз искусствосу.
- Поэма жанры кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында эпостон кийин жаралган, түрдүү тарыхый катмарларды көркөм чагылдырган, ар бир доордогу эстетикалык системага, ар түрдүү социалдык багытка жараша жанрдын *социалдык-турмуштук, тарыхый-баатырдык, тарыхый* деген түрлөрү пайда болгон өз алдынча көркөм система.
- Элдик поэмаларда орун алган архаикалык, тарыхый, баатырдык жана турмуштук мотивдер аркылуу сюжеттердин тарыхый негизи аныкталат.

- Элдик поэмаларды **турмуштук-социалдык, тарыхый-баатырдык** жана **тарыхый** деген түрлөргө бөлүштүрүп, анын негизинде историзмге мүнөздүү принциптердин типологиясын, түрлөрүн, критерийлерин ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүнө жетишүүгө болот.
- Элдик поэмалардын историзминин принциптеринин өнүгүшүнүн баскычтарын аныктоо. Бул поэмалардын тарыхый-түзүлүштүк түрүн аныктап жана ар бир түргө таандык историзмдин принцибин белгилейт.
- Элдик поэмалардын историзминин принциптеринин типологиясын аныктоо бир жагынан поэмалардын жаралышынын жана тарыхый өнүгүшүнүн этаптарын аныктоого жардам берсе, экинчи жагынан поэмадагы чагылдырылган окуялардын реалдуу коомдук турмуш менен болгон байланышын ачып берүүгө түрткү болот.
- Жанрдын жаңылануу процессине мүнөздүү болгон сюжет түзүү, контаминация, фольклордун жомок, легенда, уламыш, тарыхый ыр, тарыхый окуя, аңыз-аңгеме, кошок, арман, керээз, окуялуу санжыра, тарыхый окуя сыяктуу майда жанрларынан башат алуу, тарыхый окуялардын орун алышы, трансформация өңдүү проблемалар аркылуу элдик поэмалардын табиятын, бүткүл «морфологиясын» ачууга болот.
- Элдин коллективдүү чыгармачылыгынан жаралып, айтуучулардын, жаратуучу акындардын жекечилик өнөрканасында калыптанып, үлгүлүү көркөм чыгарма түрүнө өсүп жеткен элдик поэмалар өздөрү жаралган чөйрө, тарыхый доор менен тыгыз байланышта болуп, элдин көз карашынын, үмүт – тилегинин, ой – толгоолорунун, ишениминин ток эткен жерин жөнөкөй, жеткиликтүү тил менен чагылдырган көркөм мурас.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргыз элдик поэмаларынын табиятын, тарыхый жактан жаралуу, өсүп-өнүгүү, калыптануу процессин, фольклордогу ордун анализдөө, поэмалардын историзмине байланыштуу проблемаларын жана историзмдин принциптеринин типологиясын аныктоо, аларга мүнөздүү критерийлерди белгилөө иштери изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет. Ошондой эле «Эл адабияты» сериясына элдик поэмалардын Муңдук. Зарлык. Кыз Дарыйка. Нарикбай (11-том, Б., 2002); Гүлгаакы. Кыз Сайкал (25-том, Б.,2003); Элдик поэмалар (31-том, Б., 2012) деген аталыштагы үч тому даярдалып жарыкка чыкты. Бул жыйнактарда 14 поэманын 30 вариантынын тексттери (латын, араб тамгаларында жазылгандары да бар) даярдалып, баш сөздөрү менен жарыяланды.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары 2008-жылдан 2016-жылга

чейин Республикалык жана Эл аралык илимий практикалык конференцияларда (Алматы, Ашхабад, Бишкек, Ош) 20 жолу окулган илимий докладдарда кеңири чагылдырылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.**

Изилденип жаткан тема боюнча 1 монография, 1 изилдөө, түрдүү атайын илимий журналдарга, жыйнактарга, конференциялардын материалдарына 26 илимий макала жарык көрдү. Мындан сырткары РИНЦ системасына кирген, Кыргызстандын чегинен тышкары чыккан илимий басылмаларга 7 макала жарыяланды. «Эл адабияты» сериясынан *элдик поэмалардын* 3 тому илимий баш сөздөр менен жарыяланды. Кыргыз Улуттук Энциклопедиясында *элдик поэмалардын* дээрлик бардыгы боюнча макала жазылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш бөлүмдөн, 4 главадан, 2 параграфтан, жалпы корутундудан жана библиографиялык булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 295 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык иштин киришүү бөлүмүндө иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, объектиси, предмети, буга чейинки изилдениш абалы, максаты менен милдеттери, коргоого алып чыгуучу жоболору, илимий жаңылыгы, методологиялык негизи, практикалык мааниси, изилдөөнүн тыянактарынын апробацияланышы туурасында маалымат берилди.

**«Поэма жанры жана элдик поэмалардагы историзмдин теориялык проблемалары»** деген биринчи глава эки параграфтан турат.

**«Элдик поэмалардын табияты жана кыргыз фольклористика-сындагы изилдениши»** деген биринчи параграфта кыргыз элдик поэмаларынын жанрдык өзгөчөлүгү, табияты, фольклористика илиминдеги изилдениш тарыхы каралды.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын ичинен эпикалык жанр өтө бай, түрдүү тематикага, жанрдык түрлөргө ээ. Анын ичинен **элдик поэмалардын** руханий маданияттан алган өзгөчө орду бар. Кыргыз элдик поэмаларынын да эпостор сыяктуу эле бир катар стадиалдык баскычтарды камтыган жана генетикалык негизин жомок, легенда, уламыш, тарыхый аңыз-аңгеме, тарыхый ыр, кошок, арман, тарыхый окуя түзгөн узун тарыхы бар. Башкача айтканда, поэмалар да өзүнө мүнөздүү узак тарыхый эволюцияны башынан өткөргөн. Аларда

эпикалык салттуулуктун, оозеки поэзиянын мыйзам-ченеми сакталып, коллективдүү чыгармачылыктын да, индивидуалдуулуктун да салымы бар экени чындык.

Кыргыз поэма жанры башка тектеш элдердин ушул жанрдагы чыгармаларына караганда жаралышы, калыптанышы боюнча салыштырмалуу түрдө жаңы, тарыхтын кийинки XIX–XX кылымдарында кагаз бетине түшө баштаган. Окуялары байыркы аңчылык доордогу көөнө жөө жомоктук, архаикалык – мифтик сюжеттерден баштап азыркы доордун турмуштук көйгөйлөрүнө чейин өз ичине камтыйт. Демек, поэмалар белгилүү бир тарыхый мезгилдерде, конкреттүү тарыхый планда жаралып, калыптанып, байып, толукталып, жанрдын өнүгүшүнө жагымдуу шарт түзүлгөнүн көрөбүз. Кыргыз поэмаларынын тематикасы бай жана идеялык мазмуну ар түрдүү. Поэмаларда көбүнчө реалдуу турмуштук көрүнүштөр чагылдырылып, ойдон чыгарылган, кыялый нерселер сейрек. Ойдон чыгарылгандар да негизги учурларда чындыкты көрсөтүүнүн куралы катары кызмат аткарган. Элдик поэмалардын дээрлик бардыгында турмуштун ток эткен жери, так аныкталган чордондуу проблемалары чагылдырылып, толук кандуу көркөм жалпылоого, индивидуалдуулукка, жыйнактуулукка ээ. Сюжеттер турмуш чындыгынан алынып, ишенимдүү, маанилүү, керектүү идеялар менен камсыздалган. Ошондой эле элдик поэмалар кыргыздын нукура жашоосун чагылдырып, кыргыз топурагында, кыргыз тарыхынын катмарларында жаралган өздүк сюжет болуп эсептелет. Дээрлик бардыгынын тарыхый негизи бар реалисттик мүнөздөгү чыгармалар. Аларда ислам динин таасири жокко эсе. Бир гана «Гүлгаакы» поэмасынан орун алган уламыштык окуяда ислам динин жайылтуу идеясы орун алган. Кыргыз элдик поэмалары толук көчмөн цивилизациясынын жашоо образын, мүнөзүн даана көрсөткөн көркөм мурастар десек болот. Атап айтсак, «Муңдук, Зарлык», «Карагул ботом», «Жалайыр жалгыз», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр», «Эр Эшим», «Гүлгаакы», «Сейитбек», «Ак Мактым», «Кулмырза менен Аксаткын», «Ак Мөөр», «Ак Бермет», «Качкан кыз», «Балбай», «Алп Тобок» ж.б. Аталган элдик поэмаларда каармандардын эң мыкты типтери берилген. Алар элин жат душмандан, баскынчыдан коргоочу, сактоочу элдик баатырлар, тарыхый инсандар, өз бактысы, керт башынын эркиндиги үчүн күрөшкөн кыргыздын эрктүү кыздары, турмуштун эң оор көрүнүшү башына түшкөн кадимки пенде, мерген, баласыз ата, сүйүүнүн курмандыктары ж.б. Бул образдарда интуиция, сезим, идея, ой гармониялуу түрдө айкалышып турат. Жана жашоонун

жаңыланышы үчүн күрөш айкын чагылдырылган. Каармандардын образы, мүнөзү, сырткы келбети алар аткара турган идеялык милдетке дал келет.

Элдик поэмалардын жаралышына, сакталышына, калк арасына таралышына таланттуу инсандардын, акындардын, айтуучулардын чыгармачылык эмгеги зор. Алар эпикалык поэзиянын салттуу ыкмаларын терең өздөштүргөн. Ошонун натыйжасында кыргыз поэма жанры да эң сонун өнүгүп, жанрдын бардык ички мыйзам-ченемине, касиет-сапатына жооп бере ала турган көркөмдүк деңгээлге жеткен.

Акындык өнөрдүн, талант күчүнүн деңгээлине жараша күчтүү айтуучу-жаратуучу акындар, анан чыгармачылыктын үстүндө атайылап иштебей, укканын кайталап айтып койгон ышкыбоз айтуучулар да кездешет. Атап айтсак, Б.Алыкулов, К.Акиев, Тоголок Молдо, С.Дыйканбаев, О.Урмамбетов, Д.Ташматов, А.Өмүкеев, А.Чоробаев, А.Токтогулов, М.Зулпиев, Ю.Бостонов, А.Токторбаев, К.Жоошбаев, М.Орозматов, Ч.Садыков, А.Тажибаева, М.Мусулманкулов, А.Конокбаев, М.Күрөңкеев, Ү.Райымкулова, С.Сатылганов, Үмөт Молдо, Ч.Нармырзаев, Н.Адиев, А.Касымов, А.Эгеш уулу, К.Салибаев, К.Орозов, К.Алыйманов, Т.Сырдыбаев, С.Чойбеков, Ж.Кожеков, Б.Жолдошев, А.Эшмамбетов, К.Жантаев, Ж.Сокубашев, О.Нургазиев, А.Шадиев, К.Мамбеткулов, К.Султанов, К.Өзүбеков, Ы.Байырман уулу, Т.Апсатаров, Орун Какбаш, К.Молдожанов, Р.Карымшаков, Б.Айтбаев, Ж.Сарык уулу ж.б. Аталган айтуучулардын чыныгы акындык, жаратуучулук өнөргө эгедер таланттууларынан баштап элдик поэмалардын бир нечесин билгени, бирөөсүн гана жаттап алганына чейин бар. Кандай болгон күндө да алар кыргыз улуттук көркөм сөз өнөрүндөгү поэма жанрынын өсүшүнө өз салымын кошкон. Барпы, Калык, Тоголок Молдо, С.Дыйканбаев сыяктуу зор таланттар жараткан, сөздү кыт куйгандай кынаптап, ойго сыйымдуу эргүү менен ырдалган поэмалар өлбөс-өчпөс болуп калган. Мындай чоң арымдагы айтуучулар бир эле чыгарманы бир нече ирет, керек болсо жылдап айтып, чыгарманын көркөмдүгү жагынан да, логикалык ырааттуулук боюнча да ченемине жеткире иштешкен. Ушул көз караштардан алганда кыргыз элдик поэмаларын айтуучулар фольклордук сюжеттерди көркөмдүк, мазмундук, идеялык жактан жакшыртып, образдарды элдин мүдөөсүн аткара турган идеалга жеткире иштеген. Ар бир чыгармада жеке чыгармачылык жалпы элдик чыгармачылык менен жуурулушуп, чыныгы жаратуучулук эмгектин күчтүү илеби жаңырат. Ар бир поэма ооздон-оозго өткөндө, муундан-муунга жеткенде толукталып, жаңыланып, жеткилең жана бүткөн бир

көркөм формага айланып отурганы байкалат. Демек, фольклордук чыгармага мүнөздүү болгон коллективдүү эмгек процесси менен айрым чыгармачыл инсандын, айтуучунун, таланттуу акындын, өзгөчө жаратуучулук өнөргө эгедер көркөм сөз ээлеринин эмгеги бири-бирин толуктап, ажырагыс биримдикте болуп калган. Ошонун натыйжасында ар бир поэма жанрдык жактан да, жанрдык түрү боюнча да жаңылануга жетишкен. *Жанрдык жаңылануу бир топ эволюциялык өнүгүштү башынан кечирип, фольклордук чыгармалардын тарыхый окуялуу аңыз-аңгеме, тарыхый ыр, арман ырлары сыяктуу үлгүлөрүнүн жаңы формага карай өсүшүн шарттаган. Булар эпикалык жанрдын эволюциясын, биринен экинчисине өтүүчү, жаңы поэтикалык чыгармачылык процессин көрсөтөт.*

**Кыргыз поэмаларын жыйноо, жазып алуу иши.** XIX кылымдын экинчи жарымынан башталып, алгач кагаз бетине түшүрүү жумушун В.В.Радлов баштаган. Ал «Кулмырза менен Аксаткын» поэмасын «Кул Мырза» деген ат менен 1885-жылы Санкт-Петербургдан чыккан айтылуу «Образцы народной литературы северных тюркских племен» деген китебинин 5-томуна киргизген. Поэма «Кошоктор» деген бөлүмдөн орун алып, кыскача кара сөздөн жана 26 сап ырдан турат. Андан кийин А.Вышнегорский «Предания из калмыцкого времени у современных кара киргизов Аулиеатинского уезда» [Труды Сыр-Дарьинского областного статистического комитета в 1887–1888 гг. – Ташкент, 1888] деген материалында «Шырдакбек» уламышын берген. Булар алгачкы гана саамалыктар болуп, фольклордук чыгармаларды жыйноо жумуштары XX кылымдын 20-жылдарынан баштап акырындап жүрө баштайт. Алардын ичинде К.Мифтаков 1923-жылы «Ак Бермет», «Ак Мөөр», 1947-жылы «Аксаткын менен Кулмырза», «Ак Мактым»; М.Богданова 1946-жылы «Жалайыр жалгыз», 1947-жылы «Карагул ботом»; А.Чоробаев 1940-жылы «Шырдакбекти», 1942-жылы «Эр Эшимди» жазып алган. Мында алгач кайсы поэмалар жазылганын гана мисалга тарттык. Ошентип, 1950-жылдардан 1986-жылга чейинки аралыкта фольклор жыйноо иши көңүлдүн борборунда болуп, атайын илимий экспедициялар уюштурулуп, фольклор жыйноочулар, КР УИАнын фольклорист окумуштуулары Кыргызстандын бардык аймактарын түрө кыдырып, элдик оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүн жазып ала башташат. Кыргызстан гана эмес, Өзбекстандагы, Тажикстандагы, Афганистандагы кыргыздардан да материалдар жыйналган. Мындан сырткары өздөрү эл арасынан жыйнаган демилгечи фольклор жыйноочулардын материалдары да фондуга кабыл алынган.

Элдик поэмалардын дээрлик бардыгы, бир нечеден варианттары менен кагаз бетине түшүрүлүп, бул жанрдын байлыгын, кеңири жайылгандыгын тастыктай турган өтө мол материал чогултулган.

**Элдик поэмаларды жарыялоо, изилдөө** иштери дайыма параллель жүрүп отурган. Кыргыз фольклористика илиминде алгач элдик чыгармаларды классификациялоо проблемасы XIX кылымдын экинчи жарымынан башталып, бул проблеманын үстүндө В.В.Радлов, К.Мифтаков, М.И.Богданова, Ө.Жакишев, Т.Саманчин, К.Рахматулин, Т.Байжиев, З.Бектенов, А.Тайкүрөңөв, С.Мусаев, М.Мамыров сыяктуу белгилүү окумуштуулар эмгектенген. Аталаган окумуштуулардын классификациялары негизинен XX кылымдын I жарымына чейин иштелген. Ал мезгилде элдик поэмалар толук жыйналып бүтө элек мезгил болгон. Ошол себептен элдик поэмалардын орду классификацияларда так аныкталган эмес. XX кылымдын акырында элдик поэмаларды классификациялоо боюнча фольклорист окумуштуулар С.Закиров, Б.Кебекова, Т.Танаев айрым бир аракеттерди жасаган. Жыйынтыгында кыргыз фольклорунда поэмалар

1. *Лиро-эпикалык поэмалар*
2. *Тарыхый поэмалар*
3. *Саясий-социалдык поэмалар*
4. *Баатырдык поэмалар* деп ажыратылат.

*А бирок, элдик поэма жанрынын тарыхый өнүгүшүнө, жанрдын жана жанрдык түрлөрдүн сюжеттик өзгөчөлүгүнө, көркөмдүк насилине, жанрдын ички касиет-сапатына, табиятына* карап дагы да тагыраак ажыратууга болот. Анан дагы биздин изилдөөнүн максатына ылайык эпикалык историзмдин, жанрдык түрлөрдүн өнүгүш маңызын, эволюциясын, сюжеттик составын түшүнүү, аңдап билүү үчүн да классификациянын тактыгы зарыл маселелердин бири болуп саналат. Демек, бизге чейинки изилдөөлөрдү, көз караштарды эске алып, оң-терсин байкап, бүгүнкү күндөгү бардык колдо бар *тексттерге* карап жана ушул багыттагы жеке тажрыйбабызга таянып төмөнкүдөй классификациялоону туура көрдүк:

1. **Турмуштук-социалдык поэмалар** («Муңдук, Зарлык», «Карагул ботом», «Жалайыр жалгыз», «Ак Мактым», «Аксаткын менен Кулмырза»).
2. **Тарыхый-баатырдык поэмалар** («Гүлгаакы», «Сейитбек», «Эр Эшим», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр»).
3. **Тарыхый поэмалар** («Ак Мөөр», «Ак Бермет», «Качкан кыз», «Балбай», «Алп Тобок»).

Булар кыргыз элинин нукура фольклордук мүнөздөгү поэмалары болуп эсептелет жана жанрдык белгилерине карай ушинтип классификациялоо туура болот. Ал эми булардан сырткары кыргыз фольклорунун курамында *чыгыш булагына жана дооруна карай:*

1. Түрк элдеринде орток айтылып, алардын төл чыгармасына айланган поэмалар («Нарикбай», «Эр Чоро» ж.б.);
2. Тектеш элдердин фольклорунан келген поэмалардын версиялары («Кыз Жибек», «Козу көрпөш – Баян сулуу» ж.б.);
3. Чыгыш поэзиясынан келген кысса, хикая, лироэпос, дастан деген аталыштагы көркөм чыгармалар («Кыз Дарыйка», «Бозжигит», «Шакир, Шакират», «Барсиза Шайык», «Икая Балгам», «Тахир, Зухра», «Жусуп менен Зулайка», «Сейитбатал» ж.б.);
4. Жаңы доордо (советтик түзүлүштүн мезгилинде) жаралган поэмалар («Болот», «Асан, Жамал», «Эшимкул менен Зуура», «Күлбаара менен Асан», «Нуркан», «Жантай», «Жети эрдин өлүмү», «Каракул» ж.б.) деп бөлүнө турган поэмалар (дастандар) да бар.

Бул түрдөгү чыгармаларды да ичинен *жанрдык белгилери* боюнча түрлөргө ажыратууга болот. Бирок, бул башка проблема жана кеңири изилдөөнү талап кылат. Эпикалык жанрдын ири, көлөмдүү бөлүгү болгон элдик поэмалардын өнүгүшүнүн эволюциясын бүтүн система түрүндө изилдөө милдети алдыда турат. Ал эми биздин илимий изилдөөбүздүн максаты – классификацияда көрсөтүлгөн нукура кыргыз элдик поэмаларынын **1) турмуштук-социалдык**, **2) тарыхый-баатырдык**, **3) тарыхый** деген түрлөрүнүн табиятын изилдөө болуп эсептелет.

Социалдык-турмуштук поэмалар уруулук түзүлүштүн мезгилинде жаралып, жөнөкөй турмуштук көйгөйлөр, адамдардын ортосундагы мамилелер, чындык, адилеттик үчүн күрөш, сүйүү сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларды чагылдырган курч социалдык мааниси бар мазмунга ээ. Булардын башатын көбүнчө жомоктук-эпикалык мотивдер түзүп, архаикалык-мифтик элементтер, кээ бир чыгармаларда баатырдыктын салттуу көрүнүштөрү да орун алат. Акындык өнөр, фольклор боюнча бир топ салмактуу эмгектерди жараткан илимпоз К.Кудайбергенов «Кыргыз эпосторунун негизги типтери» деген макаласында «Социалдык-турмуш поэмаларында окуялардын алынышы, сюжеттик түйүндөлүшү, анын өнүгүшү кокусунан келген, шумдуктуу кырдаалдарда эмес, кадимки турмуштук абалдарда ишке ашат. Ошондуктан анын өнүгүшү табигый, жөнөкөй. Бирок, угуучуга болгон таасири конкреттүү» [Кудайбергенов К. Эл дастандары жана акын. / Макалалар. – Ф.: Мектеп, 1970. – 31-бет] – деп туура баамдаган.

**Тарыхый-баатырдык поэмалар** жаралуу этабы боюнча кийинки баскычта болуп, бул жанрдык түр өзүнүн өнүгүү, калыптануу жолунда башка жанрлар менен өз ара аракеттешип, кайсы бир жактарын өзүнө сиңирип, өздөштүргөн. Айрыкча баатырдык эпостордун таасири айкын байкалат. Анда согуштук көрүнүштөр, каармандарды сүрөттөө эпикалык планда берилип, эпитет, гипербола, салыштыруу сыяктуу троптор кеңири колдонулат. Алардын башатын тарыхый уламыш, аңыз-аңгеме, тарыхый окуя, тарыхый кошок, тарыхый ыр түзүп, реалдуу турмушту, элдин башынан өткөн конкреттүү окуяларды чагылдырат. Тарыхый окуяга катышуучулардын урматы үчүн жаралган кошоктор, тарыхый ырлар, каармандын айланасындагы аңыз кептер бара-бара системалаштырылып, элдик поэманын формасын берүү зарылдыгын шарттаган. Демек, поэма адам жашоосунун негизги жагдайын көркөмдөп түшүндүрүү аркылуу чагылдырат. Ошондуктан аларды *тарыхый-баатырдык поэма* десек анын бардык аспектилерине төп келет десек болот. Бул топко «Эр Эшим», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр» сыяктуу реалдуу турмуш чындыгына жакын чыгармалар кирет. Ал эми өзүнүн тарыхый тамырынан ажырап, эпоско мүнөздүү болгон идеялык көркөмдүк мазмунду, сюжеттик өнүгүштү талап кылган жаңы сюжеттик функцияны аткарып калган «Гүлгаакы», «Сейитбек» сыяктуу баатырдык поэмалар да бар. Эпостук түр алган поэмаларда чыгарманын нравалык мазмуну биринчи планда болуп, жашоонун чыныгы баалуулугун аныктайт. Башкача айтканда, акыйкаттык үчүн күрөшүү каармандын башкы милдети болот.

**Тарыхый поэмалардын дээрлик** бардыгы XIX–XX кылымдагы тарыхый окуяларды чагылдырган. Атап айтсак, «Ак Мөөр», «Балбай», «Ак Бермет», «Качкан кыз», «Алп Тобок» ж.б. Алар реалисттик мүнөздө болуп, конкреттүү тарыхый адамдардын башынан өткөн жай турмушу, тагдыры, сүйүүсү, уруу биримдиги, элдин эркиндиги үчүн күрөшү баяндалат. Феодалдык түзүлүштүн шартындагы адилетсиздикке, теңсиздикке каршы күрөш, эркиндикке умтулуш бул чыгармалардын негизги багытын аныктайт.

*Элдик поэмаларды кенже эпостордон айырмалай турган негизги критерийлер деп – анын көлөмүнүн чакандыгын, композициялык түзүлүшүнүн жөнөкөйлүгүн, катышкан каармандардын аздыгын, сюжетке шайкеш келген поэтикасын жана сюжет баш каармандын өмүр жолундагы орчундуу бир учурун, керт башына тиешелүү трагедиясын гана чагылдырышын эсептейбиз.* Ушул жекелик мүнөз оозеки чыгармачылыктагы салттуу көркөм ишмердиктин негизинде

жалпы элдин турмушунун фонунда коомдун көйгөйү катары жалпыланып берилет. Башкача айтканда, жеке тагдырдын контекстинде жалпы коомдук тагдыр, заң-закон, элдик мүдөө, психология жатат.

**I главанын 2-параграфы «Кыргыз элдик поэмаларындагы историзм жана историзмдин принциптеринин типологиясы»** деп аталып, анда поэмалардын историзмине байланыштуу теориялык маселелер каралды. Элдик поэмалардын ар бир түрүнүн (социалдык – турмуштук, тарыхый – баатырдык, тарыхый) өзүнө мүнөздүү историзмдин табияты, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болот. Ар бир түрдүн сюжетин чагылдырган дооруна, андагы каармандардын тарыхтан алган ордуна, мотивдерге жараша историзмдин принциптери бар. Ошол эле учурда бардык түргө жалпы болгон историзмдин принциптеринин да

1. Чыгарманын идеясы;
2. Поэмадагы жаралган мезгил, доор;
3. Сюжеттеги историзм;
4. Тарыхый окуя;
5. Каармандын тарыхыйлыгы;
6. Поэмадагы этноним, топоним ж.б.;
7. Поэмадагы сюжет түзүүчү мотивдер сыяктуу типологиясы болот.

Историзм (тарыхыйлык) деген түшүнүк кеңири мааниде алганда фольклордук чыгарманын социалдык чындык менен болгон байланышын, андагы идеялардын кайсы бир тарыхый доор менен дал келишин билдирет. Ал эми тар мааниде алганда жанрдын тарыхын фольклор (тарыхый поэма, тарыхый ыр) деген түрүн түшүндүрөт.

Кыргыз элинде поэмалардын чындыкты образдуу түрдө жалпылап көрсөткөн байыркы формаларынан тартып, конкреттүү тарыхый доорду, белгилүү бир тарыхый окуяларды, тарыхка таанымал инсандардын башынан өткөргөн реалдуу окуясын баяндаган түрлөрүнө чейин бар. Кыргыз поэмалары көбүнчө тарыхый катмарларды өз ичине камтып, ошонун негизинде жанрдын ичинде бир катар түрлөрү жаралып, узак мезгилдер калыптанып отурган. Элдик поэмаларды изилдеп билүүнүн негизги эки аспектиси бар. Биринчиден, поэмалардын тарыхый жана эстетикалык динамикасын, жанрдын ички өнүгүшүндөгү тарыхый байланышты аныктоо. Экинчиден, эпикалык чыгарманын тарыхка болгон мамилесин, башкача айтканда, чыгармадагы историзмди изилдөө. Экөөндө тең историзмдин мүнөзү жанрга көз каранды болуп, анын идеялык-эстетикалык багытын аныктайт. Ал эми тарыхка болгон мамилесинде болсо бардык поэмалар кыргыз элинин турмушунан, урук-уруулардын иш аракетинен жаралып, мекенди коргоо, согуш жарыялоо,

тынчтык келишим түзүү, жеке керт баштын жана жалпы элдин эркиндигин коргоо, сүйүү сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларды камтыган. Эгерде эпосто эпикалык дүйнөнүн кеңири картинасы жалпыланып чагылдырылса, поэмада тарыхый чындыктын тигил же бул окуясы так, кыскача, жыйнактуу түрдө берилет. Кыргыз элдик поэмаларындагы историзмге аларда чагылдырылган социалдык-турмуштук тартиби бар реалдуу патриархалдык-уруучулук, феодалдык коомдук түзүлүш, конкреттүү эл, уруу-урук, географиялык реалиядагы айкын жер-суу, тарыхый мезгил, тарыхый окуя, тарыхка белгилүү инсандар, колдонулган материалдык маданият кирет. Ошентип эпикалык историзм проблемасында жанрдын өнүгүшүндөгү историзм жана сюжеттеги историзм деген эки маселе бар.

Тарыхый жанрда тарыхый пландагы проблемалар арбын болот жана тарыхый аң-сезимдин эволюциясын айкын чагылдырат. Тарыхый жанрга тарыхый чындыктын мезгилин, ордун, реалдуу жашаган адамды, окуянын жүрүшүн даректүү түрдө көркөм чагылдыруу милдети жүктөлөт. Башкача айтканда, тарыхый конкреттүүлүк дайыма өнүгүү, өсүү процессинде болот. Тарыхый жанрдагы чыгармалардын ичинен эпикалык жанрдагы тарыхый чыгармалар тарыхты, чындыкты чагылдырууга багыт алат.

Белгилүү флоьклорист окумуштуу Б.Н.Путилов «История определяет не только содержание, но и структуру в целом определенных жанров, которые собственно, и возникли и развились в связи с объективной потребностью художественного осмысления, обобщения, отражения истории. Жанры эти – закономерная форма выражения исторического сознания коллектива, форма своеобразного закрепления его исторической памяти, осуществления исторических стремлений» [Путилов Б.Н. Типология фольклорного историзма. В. Кн.: Типология народного эпоса. – М., 1975. – С. 164–165.] – деп туура аныктама берген.

Ал эми сюжеттеги историзм дегенде тигил же бул поэма кайсыл доорго тиешелүү дегенди аныктап алуу керек. Анткени флоьклорду убакыттан жана мейкиндиктен сырткары кароого болбойт. Тарыхый даректер болсо чыгарманы көркөм иштөөдө аң-сезимдүү ойлонуп, идеалык максатка багыттап жаратууда негиз болот.

Поэма жанры эпикалык жанрдагы монументалдуулуктан реалдуу, конкреттүү тарыхый окуяларды чагылдырууга өтөт. Элдин жашоо образындагы карапайым турмуштук көрүнүштөр, жагдайлар, курч кырдаалдар, пенде тагдыры, уруулар аралык чыр-чатактар, көчмөн элдердин бири-бирин талап-тоноо, жайыт талашуу сыяктуу эл аралык

тирешүүлөр, феодалдык түзүлүштөгү социалдык карама-каршы мамилелер, сырттан келген баскынчыларга каршы күрөш элдик поэмалардын жаралышын шарттаган. Поэмалар дагы эл кандай тарыхый-социалдык өнүгүштүн шартында, тарыхтын ар түрдүү баскычында жашаса ошого жараша түрдүү формаларга ээ болгон. Ошондой эле ар түрдүү доордогу эстетикалык системага, түрдүү социалдык багытка жараша жанрдык түрлөрү өнүккөн. Ошол эле учурда эпикалык жанрдын түрлөрүнүн өнүгүү процесси бир багытка карай, алдыга карай өнүгүшү табигый көрүнүш. Мисалы, алгач архаикалык-мифологиялык, жомоктук мазмундагы чыгармалар жаралса, улам мезгилдин алдыга жылышына жараша тарыхтын кийинки этаптарындагы окуяларды баяндаган поэмалар жаралган. Алардын ар бири өзү жаралган мезгилди, ошол тарыхый кырдаалды көркөм чагылдырган. Бул фольклордогу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет.

Феодалдык коомдун өнүгүшү менен социалдык карама-каршылыктардын негизинде жаралган кыргыз поэмаларынын негизги каарманы – карапайым элдин, көпчүлүктүн мүдөөсүн көздөгөн, жерин баскынчылардан коргогон элдик баатырлар, эр жүрөк жигиттер, керт башынын эркиндигин коргоого умтулган кыздар болуп эсептелет. Тарыхый инсандардын каармандык иш-аракетинин негизинде жаралган тарыхый ырлар эл тарабынан кайра ойлонулуп, кыргыз эпикалык салттуулуктун алкагында кайрадан иштелип, жаңы сапаттагы көркөм чыгарма жаралган. Тарыхый конкреттүүлүк жана доор көбүнчө элдик проблемалар менен жуурулушуп чыгарманын тулкусуна сиңирилет.

Фольклордогу историзм бул кеңири түшүнүк. Аны эки багытта кароого болот. Биринчиси – тарыхый окуя. Болгон окуянын мезгили, башкача айтканда, так аныкталган датасы, ошол окуяга катышкан конкреттүү тарыхый адамдардын иш-аракети баяндалган. Мына ошол тарыхка белгилүү окуя фольклордук чыгармада кандай даражада орун алды, кайсы моменттери так чагылдырылган, тарыхый инсандын образында кандай реалдуулуктар берилген деген сыяктуу проблемалар аныкталыш керек. Экинчиси – тарыхты жалпылаштырып кароо көбүрөөк орун алып, кеңири масштабдан изилдөө. Анткени, тарыхтын кыймылдаткыч күчү бул элдин өзү. Ошондуктан бардык доорлордогу элдин башынан өткөн турмушу сөзсүз тарыхка тиешелүү.

**Социалдык-турмуштук, тарыхый-баатырдык, тарыхый** деген үч түр кыргыз поэмаларынын стадиялдык өнүгүшүнүн баскычтарын тактоого мүмкүнчүлүк түзөт. Өнүгүүнүн мүнөзү дайыма улуттук

өзгөчөлүк, коомдук түзүлүш, тарыхый жашоо образ, социалдык-экономикалык жана саясий факторлор менен шартталат.

Кыргыз поэмалары узак мезгилдер бою мазмун, форма жагынан байып, көп түрдүү тематикага ээ болгон. Ар бири тарыхый, турмуштук, социалдык чындыкты өз өзгөчөлүгүнө жараша чагылдырган. Поэмалардын мына ушундай көп түрдүү табияты историзмдин принциптеринин типологиясын изилдөөнү күн тартибине коёт.

Элдик поэманын ар бир түрү социалдык идеалды коомдук өнүгүштүн белгилүү бир стадиясында иш жүзүнө ашырат. Демек, поэма чагылдырган социалдык идеал ар бир доордо ар түрдүү мүнөзгө ээ. Башкача айтканда, бир коомдук өнүгүштүн тушундагы поэманын бир түрүнө (тибине) таандык историзмдин принцибин экинчи бир доордогу принципке теңештирүүгө болбойт. Ар бир доордун, коомдук түзүлүштүн өзүнө таандык, айырмалуу максат, мүдөөсү болот. Мисалы XVII кылымдагы калмак баскынчылыгын чагылдырган тарыхый-баатырдык поэмалар менен XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы тарыхый поэмалардын историзминин табияты да, деңгээли да бирдей эмес. Эми поэмалардын жогоруда аталган түрлөрүнүн ар бирине мүнөздүү болгон историзмдин принциптерин карап көрөлү.

**Социалдык-турмуштук поэмалардагы историзмдин түрү.** Социалдык-турмуштук поэмаларда историзм жалпы адамзаттык идеялардын орун алып, тикеден тике тарыхый мааниге ээ. Орустун белгилүү окумуштуусу В.Я.Пропп «Раскрытие идеи есть первое условие исторического изучения былин. Народная идея всегда выражает идеал эпохи, в которую эти идеи создавались и были действенны. Идея есть решающий критерий для отнесения песни к той или иной эпохе. Художественный анализ неразрывно связан с историческим» [Пропп В.Я. Русский героический эпос. – М., 1958. – с. 25.] – деп, историзмдин принциптеринин негизги критерийлеринин бири катары **чыгарманын идеясын**, тактап айтканда, фальклордук чыгармада чагылдырылган **элдик идеяны** көрсөткөн.

Социалдык-турмуштук поэмалардагы историзмди аныктоодогу экинчи бир негизги критерий – сюжет түзүүчү тарыхый мотивдер. Мотив сюжеттеги алгачкы (биринчи) формула катары мифологиялык, архаикалык, турмуштук, тарыхый түрлөрдөн туруп, ич ара өнүгүү, өстүрүү, бир түрдөн экинчи түргө өтүү (трансформация), түрдүүчө колдонулуу, кайра ойлонулуу сыяктуу мүмкүнчүлүккө ээ. Мотивдердин ушундай көп кырдуу мүмкүнчүлүктөрү сюжетти түзүүсүн шарттаары маалым. Белгилүү орус окумуштуусу А.Н.Веселовский мотивдин

генетикалык ролун, башкача айтканда, мотивдин биринчилигин, сюжеттин экинчилигин, «мотив-сюжеттин» стадиялык өсүшүн талашсыз теориялык концепциялары менен далилдеген [Веселовский А.Н. Историческая поэтика. – М., 1989]. Чындыгында да мотивдин негизинде кандайдыр бир деңгээлде реалдуулук жатат. Эгерде эпостордун түзүлүшүндө, калыптанышында түрдүү тематикадагы мотивдер өтө арбын колдонулса, поэмалардын түзүлүшүнүн жөнөкөйлүгүнө жараша, сюжет өтө татаалдашпай, конкреттүү окуялар камтылып, ошого байланыштуу гана мотивдер орун алат. Мисалы, социалдык-турмуштук поэмалардын түрүнө кирген «Ак Мактым» поэмасында *кыздарды зордук менен тартып кетүү же эркине карабай күч менен менен үйлөнүү жана акыры жакпаган күйөөдөн баш тартып, өз баласынан да кечип кайра качуу* деген тарыхый мотив бар. Бул мотивде турмуш көйгөйлөрүнүн издери, чындыктын, тарыхтын жөнөкөй реалдуулугу жатат. Аталган мотив поэмада сюжеттик системанын негизги элементи болуп, ал башка формулалар менен кошулуп сюжеттин бүтүндүгүн түзүп турат. Ошондой эле ал сюжеттин составында өзөктүү орунда аракет кылып, сюжеттин динамикалуу өнүгүшүн шарттап, чыгарманын конкреттүү мазмунун баштан аяк аныктоого кызмат кылган. Ошол эле учурда башка типтүү элементтер бул мотив менен бирге бүтүндөй сюжеттик система менен дал келип турат.

Дагы бир мисал, «Жалайыр жалгыз» поэмасындагы тарыхыйлуулук *«Үй-бүлө үчүн, сүйгөн жар үчүн күрөш»* деген эң байыркы түшүнүктүн, мотивдин негизинде түзүлгөн. Муну сюжеттеги Жалайырдын карындашынын, аялынын иш аракетинен ачык байкоого болот. Поэманын историзмин аныктоочу жогорудагы мотив конкреттүү тарыхтын элементи катары эмес, белгилүү бир социалдык – тарыхый өнүгүшкө таандык мазмунду өзүнө сиңирген эпикалык ячейка катары баалоо керек. Анткени жер которуу, баскынчылык менен бирөөнүн үй-бүлөсүн, мал-мүлкүн ээлеп алуу, кыз-келинин олжолоо, жылкы тийүү, өч алуу деген турмуштук көрүнүштөр уруучулук коомго мүнөздүү. Булардын негизинде үстөмдүк кылуу, байлык, бийлик талашуу сыяктуу тарыхый мотив жатып, акырында акыйкаттык орнойт. Демек патриархалдык-уруучулук коомдук түзүлүштөгү коомдук мамилелер социалдык көрүнүштөрдүн чагылдырылышы да сюжеттин белгилүү бир доорго тиешелүүлүгүн көрсөтөт. Жалпы адамзаттык идеялар ар бир коомдук формацияга мүнөздүү келип, ошол мезгилдин конфликтисин чагылдырат. Улам мезгил өткөн сайын баштапкы мотивдер учур

талабына жараша трансформацияланып, жаңыланып, кошумчаланып айтыла берет.

*Социалдык-турмуштук поэмаларда тарыхый окуялар, тарыхый инсан, реалдуу жер-суу аттары сыяктуу конкреттүүлүк орун албайт. Алар өткөн турмушту образдуу сүрөттөйт.* Ар бир негизги тарыхый окуя фольклордук чыгарманын мазмунуна, образдар системасына, көркөм каражаттарына кандайдыр бир деңгээлде таасир этет. Фольклордук каармандардын корунда негизги орунду башкы оң каарман ээлеп, элдин тарыхый-коомдук, нравалык, эстетикалык көз караштарын өзүнө сиңирет. Турмуштук поэмаларда мына ушундай жөнөкөй, жай турмуштук окуялар орун алып, алардын тарыхый тамыры тереңде жатат. Чыгармалардын тарыхый негизи, элдин башынан өткөн кайгы-касирети, үмүт-тилеги, реалдуу жашоо образы эпикалык салттуулуктун натыйжасында көркөм элементтер, ойдон чыгарылган окуялар менен ширелишип калган.

**Тарыхый-баатырдык поэмалардагы историзмдин түрү.** Тарыхый дагы, баатырдык дагы поэмалардын белгилерин сактап жүргөн поэмаларды тарыхый-баатырдык деп атадык. Аларга «Эр Эшим», «Шырдакбек», «Тайлак баатыр», «Гүлгаакы», «Сейитбек» поэмалары кирет.

Сюжети баатырдык, тарыхый, турмуштук окуяларды ичине камтып, тигил же бул тарыхый окуя, тарыхый инсандын баатырдык иш-аракети, тарыхта аты калган адамдын башынан өткөн окуясы элдик көркөм сөз чеберлеринин чыгармачылык өнөрканасында кайрадан иштелип, эпикалык планда идеялизацияланып, көркөм ойлоонун түрдүү ыкмалары колдонулуп, поэманын ушул түрү жаралган. Кээ бир тарыхый – баатырдык поэмаларда каарман менен топонимдер конкреттүү мүнөздө болгон менен окуялар, окуя болуп өткөн мезгилдин конкреттүү белгилери болбой калат. Дагы тагыраак айтсак, чыныгы чындык менен көркөм чындыктын ортосунда айырма көп болот. «Шырдакбек» менен «Эр Эшимде» ушундай көрүнүштөр орун алган.

Кыргыз тарыхына тиешеси бар **тарыхый инсандар, тарыхый окуялар** тарыхый-баатырдык поэмалардын предмети болуп эсептелет.

Тарыхый-баатырдык поэмалар конкреттүү тарыхый доордун туундусу болуп, сюжеттеги историзмге жана каармандын тарыхыйлыгына коомдук-тарыхый факторлор таасир кылат. Анткени элдин жашоосундагы кайсы бир фактыны чагылдыруу аркылуу тарыхый процессти элдин түшүнүгүнө жараша сүрөттөйт. Башкача айтканда, тарыхты көркөм ойлоого умтулат. Ошондуктан илимде

дайыма прототип менен тарыхый окуялардагы айрым деталдарды салыштыруу аркылуу историзм, чындыкты чагылдыруу деңгээли аныкталат.

*Тарыхый-баатырдык поэмаларда негизги орун окуяларда гана эмес, баатырдын өзгөчөлүгүн (баатырдын иш-аракетин, мүнөзүн, коомдогу ордун, адамдык касиет-сапатын) ачып берүүгө да умтулат.* Ошону менен бирге каарманды реалдуу тарыхый шартта чагылдыруу поэманын жаңы сапаттагы мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

Тарыхый-баатырдык поэмалар Жунгар хандыгынын (1635–1757), XVIII–XIX кылымдардагы Цин империясы менен Кокон хандыгынын баскынчылык жүрүштөрүнүн мезгилиндеги тарыхый окуяларды чагылдырган. Ушул тарыхый-баатырдык деген түрдүн ичинде эпикалык жалпылоо басымдуулук кылган, мазмуну боюнча **баатырдык поэма** деп атоого дал келген поэмалар бар. Аларга «Гүлгаакы», «Сейитбек» деген поэмаларды киргизүүгө болот. Буларда тарыхый окуялар жалпылаштырылып, эпикалык типтүү көрүнүштөр чагылдырылган. Аталган поэмалар өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен тарыхый-баатырдык, тарыхый, социалдык-турмуштук поэмалардан айырмаланып турат. Каармандар элин, жерин сырткы душмандардан коргоо үчүн баатырдык эрдиктерди жасашат. Аны менен параллель эле сүйгөн жар үчүн күрөш сыяктуу негизги структуралык элементтер да өнүгөт. Булар көбүнчө эпикалык мүнөздө болгондуктан тарыхый фактыларга кылдат карап анализдөөнү талап кылат. *Мындай мүнөздөгү поэмалар башка поэмалардан өзгөчөлөнүп, эпос жанрына таандык бардык касиет-сапаттарды сиңирип, баатырдыкты даңазалоо, элдин башынан өткөнүн баяндоо, эркиндик үчүн күрөш сыяктуу элдик идеяларды көтөрүңкү маанайда чагылдырган. Ошолордун бардыгы биригип келип* ***квазиисторизмдин*** *(Жасалма түзүлгөн историзм орун алат. Ошол эле учурда историзмдин бар экенин танбайт) принциптерин мүнөздөйт. Ушул квазиисторизм баатырдык поэмаларды конкреттүү тарыхты мүнөздөп турган тарыхый-баатырдык жана тарыхый поэмалардан айырмалап турат.*

Баатырдык поэмаларда деле конкреттүү тарыхый доор, тарыхка белгилүү душман, каршылаш эл, уруу, урук аттары, айрым бир тарыхый фактылар, деталдар кезигет. Мисалы, «Гүлгаакы», «Сейитбек» поэмалары кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый окуяларын жалпылап, социалдык-турмуштук мүнөздөгү окуяларды да өз боюна сиңирген. Угуучунун идеялык-эстетикалык суроо-талабына жараша жугумдуу ойлор, реалдуулукка жакын окуялар кошулган. Алар башта

реалдуу чындыкты чагылдырууга багытталган болсо да, акырындап кээ бир мотивдер маанисин өзгөртүп түшүндүрүүнү көздөп, тарыхый чындык өзгөрүлүп, конкреттүүлүк күңүрттөнүп, эпикалык мүнөздөгү баян басымдуулук кылып калган. Анын үстүнө аталган поэмалардын башатын салыштыруу мүмкүнчүлүгү жок. Ал эми Гүлгаакынын Шаамашрап акын менен жолугушу, ал эмес никеге турушу тууралысындагы аңыз-аңгемелер поэманын негизги идеясы менен өтө жуурулуша бербейт. Эгер мунун тарыхый негизи бар десек, анда Гүлгаакы да тарыхый инсан болуп, алар жашаган доор да так аныктала түшөт. Бул боюнча поэманын өзүн анализдегенде кенен токтолдук.

Тарыхый-баатырдык поэмаларга карата айтылган мына ушундай мүнөздөмөлөр бул түрдөгү чыгармалардын историзмин аныктоого жардам берет. Буларда *историзм көбүнчө кайсы бир тарыхый доордогу, коомдук түзүлүштүн мезгилиндеги олуттуу окуяларды чагылдырууну* көздөйт.

**Тарыхый поэмалардагы историзмдин түрү.** Кыргыз фольклорунда негизин конкреттүү тарыхый окуялар, тарыхта белгилүү инсандын гана башынан өткөн жеке окуялар түзүп, тарыхтын салыштырмалуу кийинки мезгилдерин чагылдырган **тарыхый поэмалар** деген түр бар.

*Тарыхый поэмалар өзүнүн тарыхый тактыгы, убакыттын, окуя болуп өткөн жердин реалдуулугу, композициялык түзүлүшү, тарыхый хроникага өтө жакындыгы менен да поэманын башка түрлөрүнөн кескин айырмаланып турат.* Дагы кененирээк айтсак, тарыхый поэмаларда тарыхый инсандын иш аракети, нравалык сапаттары аркылуу тарыхый окуялар баяндалат. Демек, чыгарманын борбордук түйүнүн тарыхый реалдуу каарман ээлеп, бир пландуу тарыхый окуяны поэтикалык жактан түзүп, элестетип, тарыхый конкреттүүлүккө, фактылык айкындуулукка басым жасалат.

Кыргыз фольклорунда «Ак Мөөр», «Ак Бермет», «Качкан кыз», «Балбай», «Алп Тобок» деген башатын арман ыр, тарыхый ыр, тарыхый окуя түзгөн элдик тарыхый поэмалар бар. Бул түрдөгү поэмалар өзүнө мүнөздүү историзмдин конкреттүү принциптеринин негизинде түзүлгөн. Атап айтсак:

а) тарыхый инсан (Ак Мөөр, Ак Бермет, Каптагайдын кызы, Балбай, Тобок ж.б.);

б) тарыхый мезгил (XIX–XX кылымда болгон окуя);

в) тарыхый жер (**Ак Мөөр** – Соң-Көл, Ак-Талаа, Чүй; **Ак Бермет** – Кетмен-Төбө, Талас; **Каптагайдын кызы** – Ысык-Көл, Чүй; **Балбай** – Ысык-Көл, Текес, Чүй; **Тобок** – Тогуз-Торо, Ак-Талаа ж.б.);

г) сюжеттеги историзм (тарыхта  болгон окуялар чагылдырылган);

д) белгилүү тарыхый доордун б.а. XIX–XX кылымдагы феодалдык коомдук түзүлүштөгү социалдык-саясий окуялардын маңызын ачып берген;

е) жаңы доордогу, жаңыча мазмундагы окуяларды б.а. кыргыз кыздарынын өзүнүн эркиндиги үчүн күрөшү, теңсиздикке каршы протести деген историзмдин принциптеринин жаңы критерийинин жаралышын шарттаган.

Аталган принциптер ушул түрдөгү поэмалардын типологиясын көрсөтөт.

Элдик поэмалар элдин тарыхынын белгилүү бир мезгилиндеги калктын эсинде калган элестүү, өзгөчө барактарын, үлгү болорлук маанилүү окуяларын чагылдырат. *Эпикалык жанрдын бир салаасы болгон кыргыз элдик поэмаларынын историзмин жана историзмдин принциптеринин типологиясын изилдөө төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берди.*

- Элдик поэмалардагы историзмдин принциптерине таандык негизги критерийдин ролун элдик, улуттук идеал деген түшүнүк аткарат.
- Кыргыз элдик поэмаларынын ар бир тарыхый-типологиялык катмарына гана тиешелүү историзмдин принциптери болот. Башкача айтканда, *социалдык-турмуштук, тарыхый-баатырдык, тарыхый* деп бөлүнгөн түрлөрдүн өз-өзүнө тиешелүү  историзмдин принциптери да бар.
- Социалдык-турмуштук поэмалар уруучулук, патриархалдык доорлордогу социалдык мамилелерди чагылдыруу менен, адамзат коомунун бардык баскычтарына мүнөздүү болгон жалпы адамзаттык идеяларды даңктайт. Демек, социалдык-турмуштук поэмалардагы историзмдин принциптери бекем, туруктуу сүйүү, достук, мекенчилдик, үй-бүлөнү коргоо сыяктуу элдик идеяларды жана турмуштун түрдүү кырдаалдарын ачып көрсөтүү менен аныкталат.
- Социалдык-турмуштук поэмаларда көбүнчө кайсы бир тарыхый доордогу олуттуу окуялар биринчи планда болуп, негизги баатыр каармандарынын иш аракети ошол тарыхый окуяларды, тарыхый фонду көркөм чагылдыруу үчүн шартка жараша ойлонулуп табылып, өзүнө ылайыктуу көтөргөн жүгү  бар. Бул түрдөгү поэмалардагы историзмди аларды баяндаган жалпы тарыхтын фонунда, шарттулуктун алкагында карап, изилдөө туура жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.
- Социалдык-турмуштук поэмалардагы историзмди тарыхый негизи бар окуялардан байкоого болот. Поэмалардагы топонимдер, этнонимдер эпикалык салттуулуктун эрежелерине ылайыкташкан.

➢ Тарыхый-баатырдык поэмалардын татаал табияты – мындай түрдөгү чыгармалар бир топ узак поэтикалык тарыхый баскычтарды басып өткөнүн көрсөтөт. Буларга мүнөздүү историзмдин принциптери тарыхтын белгилүү бир мезгилине тиешелүүлүгү жана байланышы, айкындыгы менен айырмаланат. Тарыхый-баатырдык поэмалар конкреттүү тарыхый окуяларды, тарыхый инсандардын ишмердигин көркөм чагылдырат. Бирок, мезгилдин өтүшү менен реалдуу тарыхый окуялардагы чындык күңүрттөнүп, айкындык басаңдап сюжет ойдон чыгарылган эпизоддор, окуялар, каармандар менен байып отурат.

➢ Тарыхый поэмалар жакынкы убакта жаралып, анын окуяларынын негизин тарыхый чындык түзүп, каармандардын конкреттүү прототиптери бар. Аларды реалисттик поэма деп саноого толук болот.

➢ Ар бир түргө мүнөздүү болгон историзмдин принциптеринин кээ бир критерийлери башка бардык түрлөргө типологиялык жалпылык болорун да эстен чыгарбоо керек.

➢ Элдик поэмалардын ар бир түрү өзүнө мүнөздүү таптак белгилерге ээ жана аларга берилген аныктамалар түрдү мүмкүн болушунча туура мүнөздөйт деп айтууга болот.

II глава «**Социалдык-турмуштук поэмалардагы тарыхыйлык-тын негиздери»** деп аталып, бул главада «Карагул ботом», «Муңдук, Зарлык», «Жалайыр жалгыз», «Ак Мактым», «Кулмырза менен Аксаткын» поэмаларынын сюжеттериндеги тарыхый аспектилер, негизги каармандардын турмушка болгон реалдуу катышы каралды. Социалдык-турмуштук поэмаларда тарыхыйлык жалпыланып берилет. Бул түрдөгү *поэмалардагы* архаикалык тарыхый катмарлардын өтө чон мүмкүнчүлүгү болбосо да, байыркы коомдогу турмуш жөнүндө маалымат алуучу булак катары эсептөөгө болот. Аларда байыркы коомдук мамилелердин издери, көп кудайга ишенүүчүлүк түшүнүктөр сакталган. Кыргыз эпостору, жөө жомоктору архаикалык-мифологиялык катмарларга өтө бай. Алардын таасири «Муңдук, Зарлык», «Ак Мактым», «Жалайыр жалгыз» сыяктуу турмуштук-социалдык поэмаларга тийген. Мисалы, балдарды күчүккө алмаштыруу, балдарды кайберендин эмизип чоңойтушу, жер астына түшүү, күзгүдөн адам тагдырын көрүү («Муңдук, Зарлык»), балдарды өлүмгө кыюу, куу баштын образы («Ак Мактым»), өлүп-тирилүү («Жалайыр жалгыз») сыяктуу көөнө мотивдердин тарыхый башаты архаикалык-мифологиялык жөө жомоктордо жатат. Кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүндөгү татаал тарыхый жана этногенетикалык процесстер анын руханий маданиятына маанилүү из калтырган.

Социалдык-турмуштук поэмаларда тарыхый инсан, тарыхый окуялар, реалдуу жер-суу аттары сыяктуу конреттүүлүк орун албайт. Алар өткөн окуяны, турмушту образдуу сүрөттөйт. Алардын басымдуу бөлүгү эпикалык мүнөзгө ээ. Турмуштук поэмалардагы историзм айрым тарыхый мотивдерде, сюжеттин жаралышын шарттаган тарыхый негизи бар турмуштук окуяларда жатат. Бул түрдөгү поэмалар уруучулук, патриархалдык доорлордогу социалдык мамилелерди чагылдыруу менен, адамзат коомунун бардык баскычтарына мүнөздүү болгон жалпы адамзаттык идеяларды даңазалайт. Ошондой эле эстетикалык, тарбиялык мааниси зор көркөм дөөлөт болуп эсептелет.

III глава **«Тарыхый-баатырдык поэмалардагы тарыхый чындык жана жанрдык жаңылануу»** деп аталат. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын түрдүү жанрларында, айрыкча тарыхый фольклорунда «калмак доору» деп аталган мезгил өтө кеңири жана түрдүү формада орун алганы белгилүү. Калмактар менен согуш же Жунгар хандыгы болгону 123 жыл өкүм сүргөнүнө карабай, кыргыз элинин коомдук эс-тутумунда тээ алмустактан башталып XX кылымдарга чейин болуп жаткандай кабыл алынып, мезгил менен мейкиндиктин чегине сыйбай, «Манастан» баштап кечээги эле XX кылымдагы тарыхый поэмаларга чейин кыргыз-калмак согушунун түрдүү окуяларды чагылдырылган. Мунун себеби кыргыздар бүткүл ички энергия, эмоция, ой жүгүртүү, дүйнө тааным потенциалын СӨЗ аркылуу иш жүзүнө ашырган өзгөчө эл болгондуктан аталган орчундуу, катаал тарыхый кырдаал негизги темага айлангандыгы чындык.

Ушул главада сөз болгон *тарыхый-баатырдык* поэмалардын дээрлик бардыгы кыргыз-калмак окуясын чагылдырат. Атап айтсак «Эр Эшим», «Гүлгаакы», «Сейитбек», «Шырдакбек». Бир гана «Тайлак баатыр» поэмасы кыргыздардын Цин империясы, Кокон хандыгы менен болгон тарыхый, саясий мамилелерин чагылдырган.

*«Эр Эшим»* XVI–XVII кылымдагы казак-кыргыз тарыхын, ойрот-калмак баскынчылыгынын маанилүү учурларын, жалпы эле Орто Азияда болгон тарыхый негизи бар окуяларды чагылдырган. Эр Эшимге байланышкан бардык тарыхый жана фольклордук материалдар реалдуу окуялардын негизинде жаралган. «Эр Эшим» поэмасын тарыхый-баатырдык поэма катарында көрсөтө турган белгилери ал биринчиден, эл-жерди сырткы душмандан коргоочу, элдин биримдигин, мамлекеттин (хандыктын) бүтүндүгүн камсыз кылууга бүт күчүн жумшаган элдик, эр жүрөк баатыр, кол башчы, тарыхый инсан казак, кыргыз ханы Эшим Шыгай уулунун айланасында курулуп, анын баатырдык иш-аракетин

көрсөтүүчү, толуктоочу окуялар, мотивдер менен камсыз болгон. Аларга калмактар менен согуш, ант-шерттен тайган чыккынчы хан Турсун менен согуш сыяктуулар кирет.

«Эр Эшим» поэмасында көрсөтүлгөн коомдук мамилелердин деңгээли, коомдук аң-сезим, көркөм ой жүгүртүү сыяктуу тарыхый өнүгүштүн калыптанган мезгили экенин, кыргыз элинин бирдиктүү эл, белгилүү аймакты ээлеп турган мамлекет экенин күбөлөп турат. Ушунун бардыгы көркөм жаратмандыктын негизинде каармандар, окуялар аркылуу жалпылаштырылган. Поэмада кыргыз элинин баатырдык духу, тарыхый жана маданий өсүшү, философиялык көз-карашы, салттык жөрөлгөлөрү конкреттүү сүрөттөлгөн. Мында таланттуу айтуучулар, ырчылар элдик оозеки чыгармачылыктын ышкыбоздору тарабынан фольклордук башат кайрадан иштелип, өз алдынча чыгарма катары жашап, жанрдын өнүгүшүн жана жаңылануу процессин көрсөтүп турат.

*«Гүлгаакы»* поэмасы өзөгүнө көп кылымдык тарыхты камтып, бир кыйла эволюциялык өзгөрүүгө дуушар болгон. Аны архаикалык формалардан, көөнө мотивдерден түрдүү тарыхый доорлорду басып өткөн сюжеттик катмарынан көрүүгө болот. Акыркы чоң тарыхый окуя – узак мезгилге (XVI–XVIII) созулган калмактар менен кармашуу элдин эсинде көбүрөөк сакталып, башка окуяларды, тарыхый фактыларды четтетип, сюжеттин басымдуу бөлүгүн ээлеп калган. Сюжеттеги материалдарга караганда матриархалдык жана амазонкалык мотивдердин, архаикалык социалдык институттун жана байыркы каада-салттын чагылышы «Гүлгаакы» поэмасынын көп катмарлуу түзүлүшүнөн кабар берет.

Эпикалык салт боюнча «Гүлгаакы» поэмасына тарыхый окуялар, коомдук формациялар, коомдук көрүнүштөр (диний), мезгил, географиялык чөйрө сыяктуу байыркы жана кийинки катмарлардын сиңирилиши чыгарманын деңгээлин көтөрүп турат. «Гүлгаакы» поэмасында дайыма оптимисттик дух жаңырып турат. Алдыга умтулуу, жакшы жашоого жетишүү идеясы биринчи планга коюлган. Поэманын негизги идеясы-мекенге, эл, жерге болгон сүйүү, анын келечегине кам көрүү, элдин, жердин эркиндиги үчүн күрөшүү. Гүлгаакы биографиялык планда түзүлгөн поэма. Окуялардын ырааттуу түзүлүшү турмуш чындыгынын логикасына туура келип, түрдүү салттуу мотивдердин системасынан курулган. Ошолордун баардыгы биригип келип поэманын тарыхый негизин аныктоого көмөкчү болгон. Негизинен поэмада белгилүү тарыхый доор турмуш чындыгы менен шайкеш келип турат.

*«Сейитбек»* поэмасы генеологиялык циклдешүү принцибинде түзүлүп, «Курманбек» эпосунун уландысы катары айтылат. «Сейитбектин» уландысы «Шырдакбек» болуп эсептелет.

*«Сейитбек»* поэмасында белгилүү тарыхый доордогу олуттуу окуялар биринчи планда болуп, негизги баатыр каармандын иш аракети ошол тарыхый окуяларды, тарыхый фонду көркөм чагылдыруу үчүн шартка жараша ойлонулуп табылып, өзүнө ылайыктуу көтөргөн жүгү бар. Сейитбек туурасындагы тарыхый дарек жокко эсе.

Поэмадагы историзм айрым мотивдерден (душмандан сактоо үчүн атадан калган туяктын башка жерде өсүп чоңоюшу, циклдештирүү принциби менен түзүлгөн чыгармалардагы атанын кегин, өчүн душмандан алуу, баатырдык үйлөнүү, элин, жерин душмандан бошотуп биримдикте, ынтымакта жашоо ж.б.), жалпы элдик идеядан, сюжеттин жаралышын шарттаган тарыхый окуялардан орун алган. Поэмадагы топонимдер, этнонимдер конкреттүүлүккө, реалдуулукка ыктаган. Бул болсо поэмадагы индивидуалдуу чыгармачылык салттын мүнөзүн көрсөтөт.

*«Шырдакбек»* поэмасынын негизинде тарыхый реалдуу чындык жатып, баш каарман Шырдакбек тарыхта жашаган белгилүү инсан катары берилет. Шырдакбек жөнүндөгү тарыхый жана фольклордук материалдардын бардыгында Шырдакбек XVII кылымда жашап, кичи мекени Андижан (Андижан чөлкөмү деп түшүнүү керек), уруусу кыпчак делинип, эл башында турган инсандын аткарган саясий иштерине байланыштуу Андижан, Кокон, Ош, Нарын, Фергана, Маргалан, Наманган өрөөндөрүн жана Чыгыш Туркестандын Кашкар, Уч, Карашаар, Турпан, Аксуу, Жаркен аймактарын жердеп, *бек, аким, хан* деген жогорку бийлик орундарында кызмат өтөгөн. Чыгарманын сюжетинин жаралышын шарттаган тарыхый доор, окуялар реалдуулукка жакын. Ошого карабай башаты аңыз-аңгеме, уламыш түрүндө жашаган. Элдик чыгармачылыктын натыйжасында окуянын мазмунунда, идеясында жаңылануу жүрүп, элдик идея учурга, элдин эстетикалык суроо-талабына жараша талкууланып, иштиктүү чыгармачылык өнөрканада образдар кайрадан иштелип, уламыштык деңгээлден жаңы формага – тарыхый баатырдык поэмага (Т.Молдо, К.Акыев) өскөн. Демек, жанрда жаңылануу жүргөн деп ишенимдүү айтууга болот.

*«Тайлак баатыр»* поэмасынын негизги каарманы – Тайлак баатыр (1796–1838) XIX кылымда жашап, туулган, көзү өткөн жылы, жашаган жери, мезгили так, белгилүү тарыхый инсан. Анын өмүр жолу, жасаган иштери, тарыхый саясий аренадагы ролу конкреттүү жана реалдуу.

Тайлак баатырга байланышкан окуялар элдин эсинде, көз алдында кадимкидей сакталып, окуялардын учугу анын тукумдары аркылуу уланып турган мезгилде «Тайлак баатыр» поэмасы жаралган. Демек, ал жөнүндөгү окуяларды эл арасынан сурап билип, маалыматтарды тактоо, иликтөө мүмкүнчүлүгү толук болгон. Бул жагдай көркөм чыгармалардагы окуялардын жалпы багыты менен реалдуу тарыхтын үндөштүгүн, логикалык ырааттуулугун жаратууга шарт түзгөн. Элдик эпикалык чыгармаларды чебер айтуучу А.Чоробаев тарыхый маалыматтарды өз орду менен поэманын өзөгүнө сиңирип, Тайлактын образын эпикалык каармандын образына жакындатып, оозеки поэзиянын салттуу ыкмаларын арбын колдонгон. Натыйжада негизин чыныгы тарых түзгөн, бир топ жогорку деңгээлдеги идеялык-көркөмдүк баалуулукка эгедер чыгарма жаралган десек болот. Поэманын жаралышына Цин империясы менен Кокон хандыгынын тушундагы тарыхый окуялар негиз болгон.

Поэмада тарыхый-баатырдык тематикадан орун алган бардык конфликттердин болушу, мекенди коргоочунун баатырдык иш аракети тарыхый реалдуулук менен дал келет. Феодализмдин өнүгүшү жана социалдык карама-каршылыктар, элдин турмушундагы социалдык проблемалардын үстөмдүгү тарыхый-баатырдык поэмалардын негизги белгилеринен болот. «Тайлак баатыр» поэмасынын сюжетиндеги баатырдык, улуттун көз карандысыздыгы үчүн күрөш, мекенчилдик дух биригип келип чыгарманын жанры тарыхый-баатырдык поэма экенин тастыктайт.

Поэманын башатын Тайлак баатыр туурасындагы тарыхый ыр, тарыхый кошок, аңыз-аңгеме, уламыш, окуялуу санжыра түзгөн Акырындап бул материалдар элдик оозеки чыгармачылыктын элегинен өтүп, эпикалык поэтикалык салттуулуктун бардык касиет-сапатын өздөштүрүп, жанрдык жактан жаңыланып, тарыхый-баатырдык поэманын жаралышы шартталган.

Аталган главаны кыскача жыйынтыктап айтсак, *тарыхый-баатырдык поэмалар* баатырдык эпикалык белгилер менен жасалып, сюжеттик системасында күчтүү эрдикти, мекенчилдикти даңазалоо идеясын бекем сиңирген. Тарыхый-баатырдык поэмалар согуштук демократия гүлдөп турган мезгилде жаралып, сюжеттин негизги багыты – элди, жерди чет элдик баскынчылардан коргоо, эгемен жашоону камсыз кылуу болгон. Айрыкча XVII–XIX кылымдардагы калмак баскынчылары менен Цин империясынын, Кокон хандыгынын баскынчылык жүрүштөрү поэманын тарыхый-баатырдык түрүнүн

жаралышын шарттаган. Демек, жалаң гана тарыхый инсандардын жеке иш аракети, айрым тарыхый окуялар чыгарманын историзмин аныктабастан, жалпы кыргыз элинин тагдырын аныктаган эпохалдуу мезгилдер да алардан кем эмес тарыхыйлык мааниге ээ болгон.

IV глава **«Тарыхый поэмалардагы реалдуулуктун деңгээли жана көркөм интерпретация»** деп аталат. Кыргыз эпикалык жанрынын түзүлүү, өрчүү процессинде жаңы мазмунду түзгөн **тарыхый поэмалар** да жаралган. Алардын сюжети салыштырмалуу түрдө тарыхтын кийинки мезгилдериндеги реалдуу окуяларды чагылдырган. Бул биринчиден, кыргыз элинин уруулардын санжырасын, санжыралуу окуяларды, аңыз-аңгеме кептерди, элдин турмушундагы тарыхый реалдуу кырдаалдарды өтө аздектеп, ооздон-оозго өткөрүп, оозеки сактоо салтына мүнөздүү көрүнүш. Экинчиден, элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык көчмөндүк турмушка мүнөздүү элдик искусство болуп эсептелет. Үчүнчүдөн, элдик оозеки поэтикалык чыгармачылыктын мааниси-маңызы элдин жашоо турмушунда кадимкидей бааланып, каада-салты, жорук-жосун жөрөлгөлөрү менен жуурулушуп жашап келиши да себеп болгон. Ушул руханий көрөңгөдөн өнүм алган жаңы мүнөздөгү импровизациялык чыгармачылык тарыхый чындыкты чагылдырууга багыт алган. Бул кандайдыр бир даражада эпикалык жанрдын өсүшүнүн экинчи этабын – айтуучулук өнөрдөгү жекечилдиктин өнүгүшүн көрсөтөт. Ошондой эле айтуучулар бир каармандын образын ачууга умтулган, турмушта болгон окуяларды түрдүү мотивдер менен жабдып, салттуу фольклордук чыгарма түзүүгө жетишкен. Албетте, чыгармачылык процесс кыргыз элинин тарыхый-турмуштук шартынын, эстетикалык баам-туюмунун, дүйнө кабылдоосунун алкагында гана иш жүзүнө ашырылган. *Тарыхый поэмаларда* өтө татаал сюжет, чиеленишкен окуя жок. Поэманын композициялык түзүлүшү жөнөкөй, айтайын дегени элге тааныш, жакын жана жугумдуу. Мындай жагдай элдик поэмалардын тарыхый поэма деген түрүнүн эпикалык салттуулук талап кылган чен-өлчөмдөргө чейин көтөрүлүп, өнүгө албаганын көрсөтөт. Мындагы өзгөчөлүк-тарыхый окуя мүмкүн болушунча так сакталганында. Бирок, мындан тарыхый поэмалар көркөмдүк насилден, идеялык багыттан куружалак калган экен деп түшүнбөө керек. Эпикалык чыгармачылыкта баарына жалпы норма болгон оозеки эпикалык техника – стилистикалык белгилер бар. Оозеки техника, салттуу сюжет куруу ыкмасы ар дайым дүйнөнү өзгөчө кабылдоону ишке ашыруунун каражаты болгон. Тарыхый болобу, жомоктук, баатырдык, социалдык болобу кайсы гана материал болбосун

өзүнүн идеясын, эстетикалык-тапшырмасын аткарууга аракет кылат. Тарыхый поэмаларда да бул айтуучунун чыгармачылык дараметине, импровизациялык жөндөмүнө, кругозоруна жараша иш жүзүнө ашкан.

Тарыхый поэмалар деген түргө «Алп Тобок», «Балбай», «Ак Мөөр», «Ак Бермет», «Качкан кыз» поэмалары кирет.

Тарыхый поэмалар поэманын башка түрлөрүнө караганда окуянын жана окуяга катышуучулардын тарыхый чындыгын мүмкүн болушунча өзүндөй чагылдырып берүүгө умтулат. Башкача айтканда, тарыхты, чындыкты көркөм чагылдыруу тарыхый поэмалардын милдетине кирет. Мазмуну жактан алганда кыргыз элдик тарыхый поэмалары тарыхый ырларга, тарыхый кошокторго өтө жакын. Анткени буларда кыргыз мүнөздүү тарыхый адам менен *тарыхый окуя жанрдын предмети болуп эсептелет. Тарыхый ырлар менен тарыхый поэмалар бири-биринен поэтикалык формалары менен айырмаланат. Поэмалар тарыхый ырлардан азыктанып, лирикалык ырлардан элдик поэтикалык чыгармачылыктын түрдүү маанайдагы күчтүү сезим, эмоция, мазмундуулук, музыкалуулук сыяктуу формаларды өздөштүрөт, өзүнө сиңирет.* Ошол эле учурда композициянын мыйзамдарына ээ болуп, эпиканын поэтикалык ыкмаларын колдонууга умтулат.

Тарыхый поэмага өзү жаралган доор менен чөйрө деген эки факторго көз каранды болуу мүнөздүү. Сюжет доордун үнүн, чөйрөнүн кызыкчылыгын так чагылдырат. Жалпылоо жокко эсе. Бул тарыхый поэмалардын негизги категориясын белгилөөгө мүмкүндүк берет. Поэмаларда ар бир каармандын, ал негизги каарманбы же эпизоддук каарманбы өзүнө ылайык ролу бар. Ар бир образ угуучунун кызыкчылыгына жараша кыймыл-аракетте болот. Ошондуктан поэма дайыма бир сызыктуулукка багытталат. Экинчи пландагы каармандар, терс каармандар бардыгы биригип борбордук каармандын образынын өнүгүшүнө, окуялардын жүрүшүнө көмөктөшөт.

Тарыхый реалиялар азыркы онамастика менен топонимикага дал келет жана тарыхый жактан так, ишенимдүү маалыматтарга бай. Тарыхый поэмалардын окуяларынын пайда болгон мезгили, датасы, кайда, кайсы аймакта болгону да анык. Негизги каармандар тарыхка белгилүү, өзүнүн эл үчүн жасаган иши, өрнөктүү өмүрү, жеке тагдырынын өзгөчөлүгү менен тарыхта калган адамдар. Демек, тарыхый поэмалардын историзми боюнча күмөн санай турган маселе жокко эсе. Ал эми ушул түрдөгү поэмалардын сюжети жеткилең өнүкпөй, образдардын ачылышы, композициялык түзүлүшү, поэтикасы сыяктуу проблемалар жакшы иштелбей калганы анык байкалат. Муну

фольклордук чыгарманы аткаруучулуктун, оозеки салттуулуктун бошоңдошу менен түшүндүрүүгө болот. Сюжетти кайра-кайра оозеки айтып, поэтикалык жактан ийине жеткирип иштегенде гана толук кандуу чыгарма түрүнө айланат. ХХ кылымдын башынан баштап кагазга түшүрүү мүмкүнчүлүгү жаралып, бул процесс оозеки эпикалык салттуулуктун өнүгүшүнө кедергисин тийгизген.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Кыргыз фольклорунда эпостун жаралышын шарттаган коомдук түзүлүштүн, тарыхый шарттын өзгөрүшү менен эпос жанрынын өнүгүшүнүн эң жогорку баскычка көтөрүлгөн мезгили акырындап басаңдап, эпикалык жанрдын өнүгүшүндөгү экинчи этап же анын уландысы катары, бул чоң жанрдын бир салаасы катары поэма жанры жарала баштаган. Поэма жанрынын чындыкты образдуу түрдө жалпылап көрсөткөн байыркы формаларынан тартып, конкреттүү тарыхый доорду, белгилүү тарыхый окуяларды, тарыхка таанымал инсандардын реалдуу окуясын баяндаган түрлөрүнө чейин бар. Алардын түрдүү тематикадагы, ар түркүн сюжеттерди камтыган, көркөмдүгү жогору, композициялык түзүлүшү системалуу иштелген мыкты үлгүлөрү жаралган. Элдик поэмалардын бардыгында улуттук идея, элдик идеология, үмүт-максат, кайгы-касирет таасын чагылдырылган. Чыгармалар фольклорго мүнөздүү болгон салт менен негизги каармандардын атынан аталган.

- Эгерде кыргыз эпостору көбүнчө башка элдердин эпикалык чыгармалары менен мотивдери, эпикалык материалдардын уюштурулушу боюнча типологиялык окшоштуктарга ээ болсо, поэмалар тескерисинче, индивидуалдуулукка, өз алдынчалыкка, жеке көркөмдүк сапаттарга ээ.
- Поэмалардын тарбиялык, эстетикалык кызматы – идеалдуу образдары жараткандыгында. Жакшы менен жаманды, оң менен терсти, бийиктик менен пастыкты, трагедия менен комедияны антитеза түрүндө салыштырып беришинде. Ошондой эле анын практикалык, прикладдык кызматында турат.
- Нукура элдик поэмалардын *социалдык-турмуштук, тарыхый-баатырдык жана тарыхый* деген ар бир түрүнүн өзүнө мүнөздүү эпикалык баскычы, типологиялык өзгөчөлүгү, мезгилге жараша элдин ой жүгүртүүсү, белгилүү коомдук-социалдык шарт, мамлекеттик жана класстык түзүлүшкө болгон сезим, туйгунун пайда болушу, жаратылыштын образы – мезгил жана мейкиндик түшүнүгү, улуттук эпикалык поэтика сыяктуу белгилери бар.

- *Кыргыз поэмаларындагы образдар реалисттик мүнөзгө ээ болуп, конкреттүү ачык-айкын иш жүргүзөт.* Бул элдин жашоо образына, турмуш-тиричилигине жана каада-салттык жөрөлгөлөрүнө, толук мүнөзүнө жараша болгон. Кыргыздарда элдик демократия дайыма, бардык коомдук түзүлүштөрдүн тушунда күчтүү өнүгүп, туруктуу өмүр сүргөн. Ошондуктан дагы казак, өзбек, каракалпак, түркмөн элдериндегидей романтикалык – сүйүү (любовно-романтический), лиро-эпос тибиндеги чыгармалар жокко эсе. Жалгыз гана «Аксаткын менен Кулмырза» сүйүү темасында. Бирок, ал дагы накта *реалисттик мүнөздө* болуп, *турмуш чындыгын сүрөттөйт.* Анда фантастикалык, жомоктук мотивдер да, ойдон чыгарылган көркөм шөкөттөөлөр да жок. «Аксаткын менен Кулмырза» турмуштун өзүндөй табигый жана трагедиялуу.
- Ал эми тарыхый-баатырдык жана тарыхый поэмалардын бардыгынын негизги каармандарынын прототиби бар. Элге белгилүү элдик баатырлар, тарыхый инсандар. Социалдык-турмуштук поэмалардагы каармандардын прототибин издөөнүн натыйжасы чакталуу. Анткени бул түрдөгү чыгармалар тарыхыйлыкка караганда жомоктук, кыялый ойлоп табууларга жакын. Ошондуктан социалдык-турмуштук поэмалардагы историзмдин критерийлерин тарых менен этнографиянын, социалдык мамилелердин, коомдук көрүнүштөрдүн жана чыгарманын мазмунунун алкагында карадык.
- Поэмалардын тарыхка болгон мамилеси поэманын тарыхындагы эң маанилүү маселе. Анткени эпикалык историзмди изилдегенде сюжеттин тарых менен болгон катышы негизги орунда турат. Ошол себептүү поэмалардын историзмин, историзмдин принциптерин, типологиясын аныктоо сюжеттеги тарыхый чындыкты, каармандын историзмин, онамастика менен топонимиканын тактыгын, чыгарма жаралган доор менен мезгилдин аныктыгын, сюжеттеги историзмди, элдик идея менен идеологияны, чыгарманын идеясын изилдөө аркылуу иш жүзүнө ашырылды.
- Бардык поэмаларда кыргыз тарыхынын тигил же бул жагы конкреттүү чагылдырылган. Элдик поэмалар тарыхый окуяларды чагылдыруу, конкреттүү тарыхый инсандын ишмердигин көрсөтүү менен гана чектелбей, жалпы элдин баатырдык толкунун, эркиндикке жетүү, акыйкатсыздык менен күрөшүү сыяктуу күчтүү умтулуусун, күрөшчүл духун элестүү берүүгө жетишкен. Аларда чындыкты типтештирүү жана хроникалаштыруу формалары да айкын берилген. Ушундан көркөм ойлоо менен логикалык ойлоо эпикалык синкреттик поэзияга мүнөздүү экени ачык байкалат.

➢ Кыргыз элдик поэмаларынын башатын жомок, уламыш, тарыхый аңыз-аңгеме, окуялуу санжыра, тарыхый ыр, тарыхый кошок, арман түзүп, өзүнө мүнөздүү узак эволюциялык жол басып, жанрдык жаңылануулуга дуушар болгон. Ошол эле учурда мазмун тереңдеп, түрдүү мотивдер, көркөм каражаттар менен жабдылып, баштапкы формасы өзгөрүлүп, маани-маңызын аныктоочу касиеттер жаңы сапатка көтөрүлүп, жанрдын табияты жаңыланган. Аларда эпикалык салттуулуктун, оозеки поэзиянын мыйзам-ченеми сакталып, коллективдүү чыгармачылыктын да, индивидуалдуулуктун да салымы бар.

➢ Кыргыз элдик поэмаларынын сюжетинен орун алган тарыхый окуяларга, түрдүү маанидеги маалыматтарга таянып жана бүтүндөй тарыхтын эволюциялык чагылышына жараша поэмалардын тарыхый өнүгүшүн төмөнкүдөй доорлорго бөлүүгө болот:

1. Аңчылык доор.
2. Огуз-кыпчак (көөнө түрктөр) жана шамандык доор.
3. Алтын Ордо, Ногой доору: XV–XVI кылым.
4. Калмак доору: XVI–XVIII кылым.
5. Кокон хандыгы: XVIII–XIX кылым.
6. Цин империясынын доору: XVIII–XIX кылым.
7. Жаңы доор: XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башы.

➢Кыргыз элдик поэмалары оозеки чыгармачылыктын орчундуу бир бөлүгү болуу менен тарыхтын байыркы доорлорунан баштап XX кылымга чейинки кыргыз көчмөн цивилизациясынын турмуш-тиричилигин, башынан кечирген тарыхый окуяларын, жашоо образын, каада-салттык көрүнүштөрүн, дүйнө таанымын чагылдырып, оозеки поэзиядагы салттуулуктун бардык касиет-сапаттарын өз боюна сиңирген көркөм сөз искусствосу болуп эсептелет.

➢ Поэмалар өздөрүнүн жаралуу, өсүп-өнүгүү, калыптануу жолунда фольклордун башка жанрларынан (жомок, тарыхый ыр, тарыхый окуя, аңыз-аңгеме, кошок, арман, окуялуу санжыра ж.б.) башат алып, жанрдык жактан жаңылануу, түр өзгөрүү сыяктуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

➢ Элдик поэмаларды **турмуштук-социалдык, тарыхый-баатырдык** жана **тарыхый** деген түрлөргө бөлүштүрүп, анын негизинде историзмге мүнөздүү принциптердин типологиясын, түрлөрүн, критерийлерин ачып көрсөтүү боюнча алгачкы аракет жасалды.

➢ Элдик поэмалардын историзминин принциптеринин типологиясын аныктоо бир жагынан поэмалардын жаралышынын жана тарыхый өнүгүшүнүн этаптарын аныктоого жардам берсе, экинчи жагынан поэмадагы чагылдырылган окуялардын реалдуу коомдук турмуш менен болгон байланышын ачып берүүгө түрткү болот.

➢ Элдин коллективдүү чыгармачылыгынан жаралып, айтуучулардын, жаратуучу акындардын жекечелик өнөрканасында калыптанып, үлгүлүү көркөм чыгарма түрүнө өсүп жеткен элдик поэмалар өздөрү жаралган чөйрө, тарыхый доор менен тыгыз байланышта болуп, элдин көз карашынын, үмүт-тилегинин, ой-толгоолорунун, ишениминин ток эткен жерин жөнөкөй, жеткиликтүү тил менен чагылдырган көркөм мурас болуп эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Орозова, Г.Ж. Кыргыз элдик поэмаларынын табияты (Жанр. Сюжет. Историзм.) (монография) [Текст] /Г.Орозова – Бишкек, 2015. – 356 б.
2. Орозова, Г.Ж. «Кулмырза менен Аксаткындын» изи менен Кубат бийдин тарыхына карай (изилдөө) [Текст] /Г.Орозова – Бишкек, 2013. – 68 б.
3. Муңдук, Зарлык. Кыз Дарийка. Нарикбай [Текст]// «Эл адабияты» сериясы. 11-том. Жыйнакты түзүп, баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2002. – 448 б.
4. Гүлгаакы. Кыз Сайкал [Текст]//«Эл адабияты» сериясы. 25-том. Жыйнакты түзүп, баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. –Бишкек, 2003. – 432 б.
5. Элдик поэмалар [Текст] //«Эл адабияты» сериясы. 31-том. Жыйнакты түзүп, баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. –Бишкек, 2012. – 380 б.
6. Орозова, Г.Ж. «Гүлгаакы» поэмасынын башаты жана андагы архаикалык мотивдер [Текст] /Г.Орозова //Китепте: Көркөм адабиятыбыздын айрым проблемалары. – Бишкек, 2001. – 50–66-бб.
7. Орозова, Г.Ж. «Муңдук, Зарлык» поэмасы түштүк варианты боюнча [Текст] /Г.Орозова //ОшМУнун Жарчысы, 2001. – 112–119-бб.
8. Орозова, Г.Ж. Тайлак баатырдын тарыхый мезгили жана илимий, көркөм изилдениши (Д.Казакбаев менен бирге).[Текст] /Г.Орозова //Китепте: Тайлак – улуттук баатыр. – Бишкек, 2001. – 5–18-бб.
9. Орозова, Г.Ж. Жалайыр жалгыз [Текст] /Г.Орозова //Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. III том. Фольклористика. – Бишкек, 2002. – 650–660-бб.

10. Орозова, Г.Ж. Ак Бермет [Текст] /Г.Орозова //Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. III том. Фольклористика. – Бишкек, 2002. – 661–666-бб.

11. Орозова, Г.Ж. Эпикалык салттуулук [Текст] //Китепте: Сапарбек Касмамбет уулу. Билерик (поэма). Түзгөн жана баш сөзүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2003. – 3–12-бб.

12. Орозова, Г.Ж. «Гүлгаакы» поэмасы жана эпикалык салт [Текст] //Китепте: Гүлгаакы. Кыз Сайкал. «Эл адабияты» сериясы. 25-том. Түзгөн, баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2003. – 5–28-бб.

13. Орозова, Г.Ж. «Кыз Сайкал» – баатырдык эпос [Текст] //Китепте: Гүлгаакы. Кыз Сайкал. «Эл адабияты» сериясы. 25-том. Түзгөн, баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2003. – 279–298-бб.

14. Орозова, Г.Ж. Кыргыздардын руханий маданиятындагы экологиялык маселелер («Карагул ботом» поэмасынын мисалында) [Текст] /Г.Орозова //КАУнун Жарчысы, 2006. – №2. – 253–256-бб.

15. Орозова, Г.Ж. «Ак Мактым» күүгө айланган дастан [Текст] / Г.Орозова //Адабият жана искусство маселелери, 2001. – №1. – 95–97-бб.

16. Орозова, Г.Ж. Распространение тюркских эпических произведений в кыргызском фольклоре (напримере дастана «Кероглы») [Текст] /Г.Орозова //Материалы международной конференции «Жанр эпоса «Кероглы» и восточная литература. – Ашхабад, 2009. – С. 282–286.

17. Орозова, Г.Ж. Баатырдык поэмалардагы историзм [Текст] /Г.Орозова // Тил, адабият жана искусство маселелери, 2011. – №1. (12) – 99–106-бб.

18. Орозова, Г.Ж. «Эр Эшим» поэмасы жана тарыхый чындык [Текст] /Г.Орозова //Материалы международной научно-теоретической конференции «Актуальные проблемы литературоведения, искусствознания и фольклористики на современном этапе. – Алматы, 2011. – С. 284–294.

19. Орозова, Г.Ж. Тарых фольклордун предмети катары [Текст] /Г.Орозова /КМУУнун Жарчысы, 2012. – №2. – 667–672-бб.

20. Орозова, Г.Ж. Ак Мактым жана калмак доору [Текст] //Китепте: Элдик поэмалар [Текст] /«Эл адабияты» сериясы. 31-том. Түзгөн жана баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2012. – 61–66-бб.

21. Орозова, Г.Ж. «Жалайыр жалгыз» жомоктун негизинде түзүлгөн турмуштук поэма [Текст] //Китепте: Элдик поэмалар [Текст] /«Эл адабияты» сериясы – 31-том. Түзгөн жана баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2012. – 109–120-бб.

22. Орозова, Г.Ж. Элдик поэмалардагы историзм маселеси жана «Шырдакбек» [Текст] /Г.Орозова // Тил, адабият жана искусство маселелери, 2013. – №1,2 (13,14). – 358–365-бб.

23. Орозова, Г.Ж. «Манас: эпикалык жанрдагы салттуулук [Текст] /Г.Орозова //Китепте: Улуттук идея: Кыргыз тили жана адабияты. – Бишкек, 2013. – 72–94-бб.
24. Орозова, Г.Ж. Турмуштук-социалдык поэмалардагы историзмдин типологиясы [Текст] /Г.Орозова //Сборник материалов X международной научной конференции студентов и молодых ученых «Наука и образование–2015». Астана. Евразийский национальный университет имени Л.Н.Гумилева. – 2015. – С. 2437–2444. http://www.enu.kz/downloads/materials/x-2016.pdf
25. Орозова, Г.Ж. «Сейитбек» поэмасындагы реалдуулуктун деңгээли [Текст] /Г.Орозова //КМУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш. – 2015. – 199–202-бб.
26. Орозова, Г.Ж. Акбермет менен Качкан кыз туурасындагы тарыхый ырлар жөнүндө эки ооз сөз [Текст] //Китепте: Элдик поэмалар [Текст] /«Эл адабияты» сериясы. 15-том. Түзгөн жана баш сөздөрүн жазган Г.Орозова. – Бишкек, 2016. – 192–201-бб.
27. Орозова, Г.Ж. Кыргызские народные поэмы и вопросы классификации [Текст] /Г.Орозова //Вестник современной науки. Научно-теоретический журнал. Волгоград. – 2016. – №4 (апрель). –Ч. 2. С. 43–49. http://elibrary.ru/item.asp?id=26008110
28. Орозова, Г.Ж. История исследования кыргызских народных поэм. [Текст] /Г.Орозова // Актуальность. НИЦ Актуальность РФ. Пенза, 2016. – Т.2. – №4 (апрель). – С.59–63. http://xn--80aa3afkgvdfe5he.xn--p1ai/Issue-9_N.pdf
29. Орозова, Г.Ж. Освещение идеи суверенитета в народных поэмах. Научная дискуссия: вопросы филологии, искусствоведения и культурология.[Текст] /Г.Орозова //Сборник статей по материалам XLVIII международной научно-практической конференции. – Москва, 2016. – №5 (44) май. – С. 109–116. https://www.internauka.org/conference/xlviii-mezhdunarodnaya-zaochnaya-nauchno-prakticheskaya-konferenciya-nauchnaya-diskussiya-voprosy-filologii
30. Орозова, Г.Ж. Историзм в кыргызских народных поэмах и типология принципов историзма [Текст] / Г.Орозова // Приволжский научный Вестник. Ижевск, 2016. №5(57) май. Часть Гуманитарная наука. С.117-128. http://icnp.ru/archive-pnv-n57
31. Орозова, Г.Ж. Образ Есим хана в кыргызском и казахском фольклорах [Текст] / Г.Орозова //Актуальность РФ. /Материалы V Международной научно-практической конференции «Российская наука в современном мире». – Пенза, 2016. №5 (май). Т.2. С.60-64.http://xn--80aa3afkgvdfe5he.xn--p1ai/Issue-10_N.pdf

32. Орозова, Г.Ж. Историзм в социально-бытовых поэмах [Текст] /Г.Орозова //Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2016. – №5 (88) май. – Часть III. –С. 66–70. http://publikacia.net/archive/2016/5/3/18

33. Орозова, Г.Ж. Роль тотемизма в кыргызском фольклоре (на примере поэмы «Карагул ботом») [Текст] /Г.Орозова // Традиционная и инновационная наука: история, современное состояние, перспективы /Сборник статей Международной научно-практической конференции. – Уфа, 2016. – Ч. 4. С. 157–161. https://aeterna-ufa.ru/sbornik/NK129-4.pdf

**Орозова Гүлбара Жалаловнанын «Кыргыз элдик поэмаларынын историзми жана жанрдык жаңылануу» (Жанр. Сюжет. Историзм) деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** Фольклор, фольклористика, жанр, поэма, социалдык-турмуштук поэма, тарыхый баатырдык поэма, тарыхый поэма, сюжет, мотив, композиция, поэтика, көркөм образ, акындык өнөр, айтуучу, историзм, историзмдин принциптери, типология, классификация.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз элдик поэмаларынын жанрдык түзүлүшүнүн эволюциясы жана тарыхый типологиясынын калыптанышы.

**Изилдөөнүн объектиси.** Фольклордогу эпикалык жанрдын бир салаасы болгон элдик поэмалар.

**Изилдөөнүн максаты.** Элдик поэмалар менен тарыхтын, коомдук турмуштун байланышын көрсөтүү, көркөм чындык менен тарыхый чындыктын ордун белгилөө, поэмалардагы историзм жана историзмдин принциптерин аныктоо, поэмалардын тарыхый өнүгүш эволюциясындагы жанрдык жаңылануу процессин анализдөө, классификация.

**Изилдөө усулдары:** Кыргыз элинин нукура элдик поэмаларын изилдөөдө тарыхый-обзордук, илимий аналитикалык, адабий-теориялык, салыштырма-тарыхый, типологиялык жана фольклорго эволюциялык мамиле, диахрондук жана синхрондук мамиле сыяктуу ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңычылдыгы**: Элдик поэмалар биринчи жолу комплекстүү көркөм система катары каралып, алардын жанрдык өзгөчөлүгү, сюжети, образдар системасы, историзми, историзмдин принциптери, жанрдык жаңылануу процесси монографиялык изилдөө түрүндө каралды. Классификациясы түзүлдү.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертациянын жоболору жана тыянактары фольклористика илиминин өнүгүшүнө, кыргыз фольклорун окуп үйрөнүүгө, поэма жанрынын табиятын аңдоого жана эпикалык жанрдагы историзм проблемасынын теориялык аспектилерин түшүнүүгө жардам берет. Окуу китептерин, программаларын толуктоодо, жаңылоодо пайдаланууга болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** Илимий иштин материалдары менен жыйынтыктарын фольклорист окумуштуулар илимдин түрдүү проблемаларын изилдөөдө, тактоодо, жогорку окуу жайларынын филолог студенттери, магистранттары, аспиранттары, өздөрүнүн илимий-теориялык билимдерин өркүндөтүүдө колдонсо болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Орозовой Гүлбары Жалаловны «Историзм кыргызских народных поэм и жанровое обновление (Жанр. Сюжет. Историзм)» на соискание учёной степени доктора филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:** Фольклор, фольклористика, жанр, поэма, социально-бытовая поэма, историко-героическая поэма, историческая поэма, сюжет, мотив, композиция, поэтика, художественный образ, акын, сказитель, историзм, принципы историзма, типология, классификация.

**Предмет исследования** – формирование исторической типологии и эволюция жанровой структуры кыргызской фольклорной поэмы.

**Объект исследования** – фольклорная поэма как исторически сложившаяся ветвь кыргызского народного поэтического эпоса.

**Цель исследования** – установление взаимосвязи народных поэм и истории, общественной жизни, определение места художественной правды и правды исторической, выяснение историзма в поэмах и принципов историзма, анализ и классификация процесса жанрового обновления в эволюционном развитии поэм.

**Методология исследования:** в русле научной фольклористической традиции в основе исследования наличествует историко-типологический подход с использованием научно-аналитической обзорности, теоретического моделирования, компаративно-исторической оценки описываемых процессов в их диахронической парадигме и синхронных реалиях.

**Результаты исследования и научная новизна**: Впервые народные поэмы комплексно рассмотрены нами в качестве художественной системы, их жанровые особенности, сюжеты, система образов, историзм, принципы историзма, процессы жанрового обновления рассмотрены в виде монографического исследования. Осуществлена их классификация.

**Предложения по использованию:** Результаты и выводы диссертации помогут дальнейшему развитию фольклористики, изучению кыргызского фольклора, будут способствовать улучшению природы жанра поэмы и пониманию теоретических аспектов проблемы историзма в жанре эпики. Также они могут быть использованы при дополнении и переработке учебников и учебных программ.

**Сфера применения:** Материалы и результаты научной работы могут быть использованы учёными-фольклористами при исследовании, уточнении различных проблем науки, а также студентами-филологами, магистрантами и аспирантами высших учебных заведений для повышения уровня своих научно-теоретических знаний.

## RESUME

**Orozova Gulbara**

**Historicism and renewal of Kyrgyz folk poems.**
**(Genre. Plot. Historical method)**

**Doctoral dissertation on specialty 10.01.09 – Study of Folklore**

**Keywords**: Folklore, genre, poem, social and everyday life poem, heroic poem, historical poem, plot, motif, composition, poetics, image, akyn, narrator, historical method, principles of historical method, typology, classification.

**Subject of Research** – formation of historical typology and evolution of genre structure of Kyrgyz folklore poems

**Object of Research** –folklore poem as historically generated branch of Kyrgyz folk poetic epos.

**Aim of Research -** to establish interactions of folk poems and history and public life; to define artistic and historical true, to detect historicism in poems and principles of historical method, to analyze and classify the process of the genre renewal in evolutional development of poems.

**Methodology of Research**: In context of traditional folklore studies the research is based on historical-typological approach with use of analytical surveying, theoretical modeling, comparative-historical estimation of the described processes in their diachronic paradigm and synchronous realities.

**Results and scientific novelty of Research:** For the first time Kyrgyz folk poems are considered as artistic system. Their genre features, plots, system of characters, historical method, principles of historical method, the processes of the genre renovation are considered as monographic research. Their classification is presented.

**Suggestions on the use of Research:** Results and conclusions of dissertation contribute to further development of folklore studies, improve nature of genre of poems, and contribute to understanding theoretical aspects of historical method in the genre of epics. They can also be used in complementing and reviewing textbooks and tutorials.

**Purview**: Materials and findings of the research can be used by specialists in folk-lore researches to clarify different problems of scholarship. Research may be recommended as additional instructional materials for students and graduate students of high schools.